**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде жана анын ведомстволук уюмдарында бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**
**отчет**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдагы иш планынын негизинде жана аудит жүргүзүү боюнча 2024-жылдын 06-декабрындагы № 06-1/762, 2024-жылдын 22-январындагы № 06-1/32 буйруктарына ылайык аудитор П.С.Батировдун жетекчилиги менен башкы мамлекеттик инспекторлор Т. Шаменов, З. Солпуева жана мамлекеттик инспекторлор А. Абдырахманов, Д. Авазов, Э. Акимжанов, Ж. Аманкулов, Ашыр уулу Н., К. Торобеков, Т. Турдубай уулу, Б. Парпиев, А. Суранбаева, К. Зайналов, А. Жанибек улу, А. Токоматов, Н. Тургунбаев, М. Макешов, Б. Асылбеков, Д. Кубанычбеков, тышкы адис Э. Токтосунов тарабынан 2023-жылдын 1-январынан тартып 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде жана анын ведомстволук уюмдарында бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Жоопту тараптар жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жоопту тарап жана аудиттин субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (мындан ары - Министрлик) эсептелет.

**Жоопту тараптын милдеттери**

Министрликтин жетекчилиги мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруу органы тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууга, ошондой эле ушул аудиттин предмети үчүн жоопкерчиликтүү.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдеттери**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети Министрликтин иши аудиттин критерийлерине ылайык келүүсүнө, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде тиешелүү тыянактарга өз алдынча келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп Министрликтин ишин укук белгилөөчү ченемдик укуктук актыларда бекитилген максаттарга жана милдеттерге жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келиши эсептелет.

Көрсөтүлгөн мезгил ичинде аудиттин көлөмүнө киргизилген маселелер төмөндөгүдөй болду:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамаларынын аткарылышын талдоо;
- Программалык бюджеттин аткарылышы;
- бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметаларынын аткарылышын талдоо;
- Мамлекеттик сатып алууларды талдоо;
- ченемдик укуктук актыларга ылайык эмгек акыга жана башка төлөмдөргө, штаттык ырааттаманын туура түзүлүшүнө жана эмгек акы фондунун түзүлүшүнө аудит;
- кассалык жана казыналык операцияларга аудит;
- командировкалык чыгымдардын аудити, отчет берүүчү жактар менен эсептешүүлөр;
- негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга, так отчеттуулук бланктарына, ТМБнын ченемден ашыкча запастарына жана эсептөөлөрдөгү каражаттарга аудит;
- транспорттук каражаттардын лимиттеринин сакталышын жана транспортторду эксплуатациалоого аудит;
- ижара мамилелерине аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздардын пайда болушуна аудит;
- бюджет жана Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалын талдоо;
- бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалын баалоо;
- Министрлик тарабынан ишке ашырылып жаткан инвестициялык долбоорлоруна аудит.

**Аудиттин критерийлери**

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кодекси;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары: “Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө”, “Билим берүү жөнүндө”, “Көзөмөлчүлүк Кеңеши жөнүндө”; “Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулардын тамактануусун уюштуруу жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө”, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” ж.б.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:

2013-жылдын 21-октябрындагы № 576 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан борборлоштурулган иш-чараларды жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө”, 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө”, 2022-жылдын 30-июнундагы №355 “ Кыргыз Республикасынын жогорку жана

кесиптик орто билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө", 2013-жылдын 30-майындагы № 302 "Айыл аймактарынын жана шаарлардын жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу билим берүү уюмдарын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин аймактык бөлүмдөрү аркылуу республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө", 2022-жылдын 30-мартындагы №181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлсрине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө", 2013-жылдын 29-майындагы №300 "Кесиптик башталгыч билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө", 2022-жылдын 29-августундагы № 474 "Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө", 2008-жылдын 15-январындагы №7 "Социалдык чөйрөдөгү мекемелерде тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө", 2005-жылдын 27-июнундагы №261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүн белгилөө жөнүндө", 2012-жылдын 10-февралындагы №85 "Мамлекеттик органдар жана алардын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан мамлекеттик акы төлөнүүчү кызматтардын реестрин бекитүү жөнүндө", 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу жөнүндө" токтомдорунун талаптарынын сакталышы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун колдонулушу жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин ишин жөнгө салуучу башка ченемдик-укуктук актылар.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит тарабынан Министрликтин иши билим берүү чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияны камсыздаган, бюджеттен билим берүү тутумун каржылоо жана билим берүү тутумун натыйжалуу башкарууну камсыздоо, ошондой эле бөлүнгөн каражаттарды пайдалануу жана финансылык отчетту түзүү боюнча функцияларды камсыздаган мыйзам талаптарына туура келе турган маселелер изилденген.

Аудит өзүнө, бюджеттик каражаттар менен атайын эсептин каражаттары ченемдик актыларга ылайык жүргүзүлгөндүгүн тастыктаган корутундуну, жетиштүү жана талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол-жобону камтыйт.

Аудит, чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар жана сунуштар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай деп эсептейт.

Аудитке Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жана анын ведомстволук уюмдары камтылган.

**Аудит мезгилинде каражаттарды бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелишкен:**

- *биринчи кол коюу укугу менен*:

Министрлер У.Э. Мамбетакунов 2023-жылдын 24-февралына чейин, К.К. Иманалиев 2023-жылдын 3-мартынан тартып 7-сентябрына чейин, Д.Ш. Кендирбаева 2023-жылдын 6-октябрынан тартып бүгүнкү күнгө чейин;

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин биринчи орун басарлары:

- Т.И. Бекташов 2023-жылдын 23-февралына чейин, Б.С. Орозов 2023-жылдын 24-январынан тартып 17-ноябрына чейин, Б.Т.Супаналиев 2023-жылдын 17-ноябрынан тартып бүгүнкү күнгө чейин;.

- *экинчи кол коюу укугу менен Б*ухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмүнүн башчысы Б.М. Мураталиева.

***Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде жүргүзүлгөн мурдагы аудиттердин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы***

- *2021-жыл* мезгил аралыгына карата 2023-жылдын 27-мартындагы №01-20/20 жазма буйруктун 1 пункту аткарылган эмес, 88-пункту;

-20 пункту жарым-жартылай аткарылган, алар: 2, 16, 38, 45, 61, 75, 76, 77, 84, 86, 87, 90, 91, 92, 94, 96, 97, 98, 99-пункттары;

- *2022-жыл* мезгил аралыгына карата 2024-жылдын 23-октябрындагы №01-20/129 *жазма буйруктун* 2 пункту аткарылган эмес, алар: 22, 50, 56-пункттары;

-8 пункту жарым-жартылай аткарылган, алар: 1,7, 20, 43, 44, 45, 46, 54-пункттары.

***Эскертүү***

Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине жана Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине 2025-жылдын 11-августундагы №01-13/1048 эскертүү каты жөнөтүлгөн.

**Аудит жүргүзүлүүчү субъектке кыскача мүнөздөмө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы № 72 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө" Жобосуна ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги билим берүү, илим жана илимий-техникалык иш тармагында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу жана билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүнө жана сапатына, Кыргыз Республикасынын жарандарынын билим алууга конституциялык укуктарынын камсыздалышына мамлекеттик көзөмөл жүргүзгөн аткаруу бийлигинин борбордук органы болуп эсептелет.

Министрлик өз ишин аймактык органдары, өзүнө караштуу мекемелер жана уюмдар аркылуу аткаруу бийлигинин башка органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, илимий жана башка уюмдар менен байланышта ишке ашырат.

Министрликтин негизги максаты билим берүү, илим жана илимий-техникалык иштер, жаатындагы мамлекеттик саясатты түзүү жана ишке ашыруу болуп саналат.

***Маалымат иретинде:*** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 2-июлундагы №391 “Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигинин маселелери жөнүндө” токтому менен Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлиги жөнүндө жобо жана башкаруу схемасы бекитилген.

## Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин уюмдарын лицензиялоо

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Мыйзамынын 15-беренесинин 56-бөлүгүнө ылайык лицензиялануута тийиш болгон иштин бир түрү болуп билим берүү иши (мектепке чейинки, жалпы баштапкы, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү, мектептен тышкаркы билим берүү программаларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынан жана өзгөчө статуска ээ мамлекеттик билим берүү уюмдарынан башка) болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 5-мартындагы №72 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жөнүндө жобого ылайык, Министрликтин негизги функцияларынын бири болуп лицензиялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте билим берүү ишин (транспорт каражаттарынын айдоочуларын окутуу (кайра окутуу) боюнча ишти кошпогондо) лицензиялоо болуп саналат.

2023-жылда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Лицензиялоо боюнча кеңешинин 17 отуруму болуп өткөн. Аталган кеңеште 374 билим берүү уюмдарынын арызы каралып, алардын ичинен 368 арыз боюнча билим берүү ишин жүргүзүү үчүн лицензия берилген жана 36 арыз боюнча лицензия берүүдөн баш тартылган. Жогорудагы 368 арыздарга ылайык 1340 билим берүү программаларына лицензия берилип, алар төмөндөгүдөй программаларга бөлүнгөн:

- 35 мектепке чейинки билим берүүчү уюмдарына;
- 47 башталгыч, негизги, орто жалпы билим берүүчү уюмдарына;
- 244 башталгыч кесиптик билим берүү программалары боюнча;
- 103 орто кесиптик билим берүү программалары боюнча;
- 168 жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча;
- 153 жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программалары боюнча;
- 590 кошумча билим берүү программалары боюнча.

Ошондой эле, 2023-жылда жалпысынан 135 лицензиялык текшерүү жүргүзүлүп, анын ичинде 50 жакын билим берүү уюмдарына эскертүү берилген жана 24 билим берүү уюмдарына айып пул салынган. Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө Кодексинин 284-пунктуна ылайык мыйзамда милдеттүү түрдө алынуусу каралган лицензиясы жок ишкердикти жүзөгө ашыргандыгы үчүн айып пулдун суммасы 230 эсептик көрсөткүчтү (23 000 сом), ал эми лицензиялык талаптарды бузгандыгы үчүн-170 эсептик көрсөткүчтү (17 000 сом) түзөт.

Ошону менен бирге, Министрликке караштуу Лицензиялоо боюнча кеңешинин 2023-жылдын 5-сентябрындагы №12-отурумунда Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө” Мыйзамынын 31-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык “Эл аралык башкаруу, укук, финансы жана бизнес академиясы” илимий билим берүү мекемесине 2019-жылдын 21-майында берилген №D 2019-0016 жана №С2019-0055 лицензияларынын колдонулушун токтотуу чечимин кабыл алган.

Мындан сырткары, 2026-жылга чейинки орто мөөнөттүү мезгилге тейлеген тармактарында “Билим берүү жана илим” Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясын ишке ашыруу боюнча министрликтин планынын 17-пунктун аткаруу максатында, республикадагы санариптештүүрүнүн алкагында 2023-жылдын январь айынан тартып “АСУЛА” электрондук лицензиялык платформасы (https://asula.edu.gov.kg) ишке киргизилген. Ага ылайык лицензиаттар билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө лицензия алуу үчүн электрондук форматта кайрыла алышат.

### *Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин уюмдарын аккредитациялоо*

Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн сапатын ырастоо максатында билим берүү уюмдары аккредитациялык агенттиктерден институционалдык жана программалык аккредитациялоодон өтүшөт.

Мында негизги жана жалпы орто билим берүү, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген тартипте билим берүү жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органында институционалдык же/жана программалык аккредитациялоодон өтүп келген.

Аккредитациялоодон өткөн билим берүү уюму бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү документтерди же өзүнүн үлгүсүндөгү документтерди берүү укугуна ээ болушкан.

Билим берүү уюмдарын аккредитациялоону жүзөгө ашыруучу аккредитациялык агенттиктер мамлекеттик эмес, коммерциялык эмес уюмдар түрүндө түзүлгөн. Аккредитациялык агенттиктерди каржылоо билим берүү уюмдарынан алынуучу аккредитациялык жыйымдардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен жүзөгө ашырылып келген.

2023-жылдын 1-сентябрына карата аккредитациялоонун автоматташтырылган системасына бардыгы 3238 кайрылуу түшкөн. Анын ичинен 1936 арыздарынын негизинде аккредитациялоо боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынган жана 1302 арыздары ар кандай кемчиликтерден улам кароосуз кайтарылып берилген.

2023-жылы Министирлик тарабынан 1936 билим берүү уюмдары аккредитациялоодон өткөн: анын ичинен: 1390 – программалык аккредитациялоо (5 жылдык мөөнөткө аккредитациялоодон өткөнү – 1044, 3 жылга – 203, 1 жылга – 81, аккредитациялоодон баш тартылганы – 62), 546 институционалдык аккредитациялоодон өткөрүлгөн (5 жылдык мөөнөткө – 391 уюм, 3 жылга – 90, 1 жылга – 34, аккредитациялоодон баш тартылганы – 31).

Аккредитацияланган билим берүү уюмдарына тиешелүү сертификаттар берилген.

**Министрликтин программалык бюджетинин аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин маалыматтары боюнча Кыргыз Республикасында 2023-жылы бардыгы 2377 жалпы билим берүү уюмдары иштеген, алардын ичинен: мамлекеттик – 2173, жеке – 204 мектептер. Жалпы билим берүү мектептеринде 1 млн. 490 миң 830 окуучу 1-класстан 11-класска чейин окуган.

Башталгыч кесиптик билим берүү системасы 100 окуу жайын камтыйт, аларда 29 948 студент билим алган.

Орто кесиптик окуу системасы 135 окуу жайын камтыйт, алардын ичинен 91 мамлекеттик жана 44 мамлекеттик эмес орто кесиптик окуу жайларын камтыйт, студенттердин контингенти 120 636 студентти түзөт.

Ал эми, жогорку окуу системасы 58 окуу жайын камтыйт, 42 мамлекеттик жана 16 мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларын камтыйт, студенттердин контингенти 231 239 студентти түзгөн.

**Бюджеттик чыгымдардын программасы:**

1) Башкаруу жана администрлөө;
2) Мектепке чейинки билим берүү жана мектепке даярдоо;
3) Мектеп билим берүүсү;
4) Баштапкы, орто кесиптик билим берүү;
5) Жогорку кесиптик билим берүү;
6) Илимдин артыкчылыктуу тармактарын өнүктүрүүнү мамлекеттик колдоо.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бюджеттик программалардын иш-чаралар планынын аткарылышы жөнүндө отчетко ылайык, ***2-программа*** *Мектепке чейинки билим берүү жана мектепке даярдоо толук пландык көрсөткүчтөр 2023-жылдын аягына толук аткарылган эмес.*

**Программанын максаты:** мектепке чейинки сапаттуу билим берүүгө жана балдарды эрте өнүктүрүү программасына жетүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү.

Натыйжалуулук индикаторлору:

- мектепке чейинки билим берүүгө тартылган 5,5-7 жаштагы балдардын үлүшү 86,7%ды түзгөн,

- эрте өнүктүрүүнүн бардык формаларына камтылган 0-3 жаштагы балдардын үлүшү 90 %га аткарылган,

- 3-5 жаштагы балдар үчүн кыска мөөнөттүү бала бакчалардын саны 60 % түзгөн.

23 индикатордун ичинен 20 индикатор аткарылган (100%), 3 индикатор 90% аткарылган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 24-декабрындагы №349 "Программалык негизде бюджеттөө жөнүндө" токтомунун негизинде Кыргыз Республикасынын Агартуу жана Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрликтери программалык негизде бюджетин иштеп чыгууда, максаттарга жана милдеттерге жетүүнүн деңгээлин аныктоодо, бюджеттик чаралардын натыйжалуулук индикаторлорунун аткарылышын камсыздоону сунуштайт.

***Министрликтин бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы***

"Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен (34 коду боюнча) Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин бюджети 60 943 867,1 миң сомго бекитилген, анын ичинен: бюджеттик каражаттар боюнча 52 166 369,0 миң сом жана атайын эсептин каражаттары - 7 030 873,1 миң сом, мамлекеттик инвестиция 1 746 625,0 миң сом, такталган бюджети 67 724 502,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен: бюджеттик каражаттар боюнча 53 280 682,2 миң сом, атайын эсептин каражаттары - 12 910 847,8 миң сом, мамлекеттик инвестиция 1 642 143,2 миң сом.

Кассалык чыгымдар 61 821 556,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча 52 415 839,2 миң сом, атайын эсептин каражаттары - 9 405 716,8 миң сом.

Кассалык чыгымдар такталган бюджетке караганда 5 902 946,3 мин сомго аз, бюджеттик каражаттар боюнча – 864 843 миң.сом, атайын эсептин каражаттары – 3 505 131,0 миң сом, мамлекеттик инвестиция 1 532 972,0 миң сом.

Кызмат көрсөтүүлөрдүн жыйынтыктоочу актылары өз убагында тапшырылбагандыгынан каржылоо кийинки жылда аткарылган жана атайын эсептин каражаттарынын калдыгы кийинки жылдын бюджетинде бекитилген.

Иш жүзүндөгү чыгымдар 61 803 741,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча 53 379 439,1 миң сом, атайын эсептин каражаттары – 8 424 302,5 миң сом. Иш жүзүндөгү чыгымдар кассалык чыгымдарга караганда 17 814,4 миң сомго аз аткарылган. Иш жүзүндөгү чыгымдардын айырмасынын себеби жылдын башындагы дебитордук карыздардын, атайын эсептин каражаттарынын калдыктарынын жана ТББ болушу.

Бюджеттик каражаттардын эсебинен 52 415 839,2 миң сом кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн, анын ичинен:

- Министрликтин Борбордук аппараты 155 563,8 миң сом;
- билим берүү жана маданияттын ведомстволук мекемелери - 49 877 725,9 миң сом,
- ведомстволук илимий мекемелер – 207 686,2 миң сом;
- Министрликтин алдындагы Баштапкы кесиптик билим берүү - 2 072 661,8 миң сом;
-Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунан 54 846,1 миң сом;
-Резервдик фондунан-45577,8 миң сом%
- санариптештирүү - 1 777,6 миң сом.

Атайын эсептин каражаттары боюнча кассалык чыгымдар 9 405 716,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен:

-министрликтин Борбордук аппараты – 27 074,8 миң сом;
- билим берүү жана маданияттын ведомстволук мекемелери 9 229 354,5 миң сом;
- ведомстволук илимий мекемелер – 1 084,6 миң сом;
- Баштапкы кесиптик билим берүү - 148 202,9 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Министрликтин ***Борбордук аппаратынын*** 2023-жылга атайын эсептин каражаттарынын иш жүзүндө түшкөн кирешеси 25 620,2 миң сомду түзгөн, 2023-жылдын 1-январына карата каражаттардын калдыгы 2 637,8 миң сом болгон.

Чыгымдардын жалпы көлөмүнөн 76,9% же 20 761,7 миң сом эмгек акыга, 13,2% же 3 587,4 миң сом Социалдык фонддун камсыздандыруу төгүмдөрүнө, 9,9% же 2 378,9 миң сом башка кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатып алууга чыгымдалган. Атайын каражаттардын 2023-жылдын аягына калдыгы 1 183,2 миң сомду түзгөн.

Министрликтин борбордук аппаратынын атайын эсеп каражаттарынын киреше бөлүгү сертификат берүүдөн, демөөрчүлөрдөн, жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарынын 20% чегерүүсүнөн түзүлөт.

2023-жылы жогорку жана орто, кесиптик билим берүү уюмдарынан 25 620,2 миң сом каражаты келип түшкөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобонун 10.1-пунктуна ылайык билим берүү уюмдарына акы төлөнүүчү кызматтардын наркынын эсебинен жогору турган органдарды жана оперативдүү башкарууда турган уюмдарды күтүүгө чегерүүлөрдү жүргүзүүгө тыюу салынган, ошондой эле Жобонун 13-пунктуна ылайык түшкөн киреше толугу менен билим берүү процессин камсыз кылууга чыгымдалышы көрсөтүлгөн.

Бирок, 2023-жылы Министрликтин борбордук аппаратына түшкөн атайын

каражаттарынын 76,9% же 20 761,7 миң сом акча каражаты кызматкерлерди дем берүү сый акыга, 13,2% же 3 587,4 миң сом Социалдык фонддун камсыздандыруу төгүмдөрүнө, чыгымдалган.

Мындан сырткары, Министрлик менен ведомстволук уюмдарынын ортосундагы түзүлгөн башка каражаттарды чегерүү келишимдеринде 20% чегерүү каралган, бирок жогоруда аталган Жобонун 13-пунктуна ылайык, билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин экономикалык негиздемеси болуп билим берүүчү уюмдун (мекеменин) тиешелүү кызмат көрсөтүүлөрүнө негиздүү чыгымдарынын негизинде аныкталуучу алардын өздүк наркы эсептелет. Прейскуранттын ар бир позициясы боюнча калькуляциялоо сарптоолордун ар бир беренеси боюнча толук түрдө түзүлөт.

Башкача айтканда, 20% өлчөмүндөгү чегерүүлөр бекитилген тарифтердин экономикалык негиздемелеринде эске алынган эмес жана билим берүү процессин жана кызмат көрсөтүүнү камсыз кылууга багытталбастан, жогору турган уюмга Министрликтин аппаратына которулган.

Белгилеп кетчү нерсе, Министрлик билим берүү кызматын көрсөтпөйт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 18-майындагы № 302 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө Жобону Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобого, билим берүү мекемелеринин жогору турган уюмуна чегерүүлөр бөлүгүндө ылайык келтирүү маселесин кароону сунуштайт.

**Кыргыз Республикасынын агартуу министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2022-жылдын 1-июнундагы №1052/1 буйругун Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобону эске алуу менен кайра кароону сунуштайт.

**“Илим” бөлүгүндөгү каражаттардын пайдаланышы**

**Аныкталды жана Корутунду:** Министрлик тарабынан илимий-изилдөө иштерин аткарууга түзүлгөн келишимдердин 1.3 пунктуна ылайык, иштерге талаптар аларды аткаруу программасы техникалык тапшырма менен аныкталып, келишимдин негизги бөлүгү болуп саналат. Түзүлгөн келишимде, техникалык тапшырмада көрсөтүлгөн аткаруучулардын саны, тактап айтканда административдик-техникалык кызматкерлерге эмгек акы төлөмдөрү каралган эмес.

Министрлик тарабынан илимий-изилдөө иштерин аткарууга түзүлгөн келишимдерде, техникалык тапшырмада көрсөтүлгөн жумуштун наркынан сырткары, келишимдерди аткаруучулардын административдик-башкаруу

персоналдардын чыгымдарына келишимде каралбаган эмгек акы төлөмдөрү 4 738,0 миң сомго, Социалдык фондуна төгүмдөр 817,3 миң сомго, жалпы 5 555,3 миң сомго каржыланган.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын илимий-изилдөө иштерин аткарууга түзүлгөн келишимдерде, техникалык тапшырмада көрсөтүлгөн жумуштун наркынан сырткары, административдик-башкаруу персоналдарынын чыгымдарын келишимдерге кошумча толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү менен каржылоо каралсын.

1.1. Министрлик тарабынан талаптагыдай көзөмөл жүргүзүлбөгөндүгү үчүн тиешелүү кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Алыш-бериш эсептериндеги каражаттарга жана ТМБнын ченемден ашык запастарына, товардык-материалдык баалуулуктарга жана негизги каражаттарга аудит жүргүзүү (жалпысы)**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" нускамада каралган, 2023-жылдын жыйынтыгы менен товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын **16 778,5 миң сомго** жана дебитордук карыздарды **45 182,8 миң сомго** эсепке алуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

2023-жылдын жыйынтыгы боюнча товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары **16 778,5** миң сомго жана **45 182,8** миң сомго дебитордук карыздардын болушунун себептерин талдоону жана 2024-2025-жылдардагы өздөштүрүүсүн эске алуу менен каржылоону сунуштайт.

**Штаттык бирдиктердин жана эмгек акы төлөө фондунун түзүлүшү**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" №266 Жарлыгынын 3 тиркемесине ылайык, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын кызматтык маяналарына иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөктөрдүн өлчөмдөрү жөнүндө 3-тиркемесинде мамлекеттик жарандык кызматчыларынын кызматтык маяналарына иштеген жылдары үчүн 20 дан 25 жылга чейинки иш стажына 30% пайыздык үстөк төлөнөөрү көрсөтүлгөнүнө карабастан Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук

аппаратынын 2 кызматкерине 40% пайыздык үстөк менен төлөнүп, натыйжада жалпы 85,2 миң сом ашыкча эсептелген, анын ичинен эмгек акыга 72,7 миң сом, Социалдык төлөмдөргө (17,25%) 12,5 миң сом.

Ченемдик актыларда каралбаган штаттык бирдиктерди күтүүгө Дүйнөлүк Банктын долбоорлорун координациялоо бөлүмүндө (“Келечек үчүн билим берүү” жана “Окутуунун негиздерин бекемдөө”) -129,5 миң сом, Азия өнүктүрүү Банкы тарабынан каржыланган “Секторду өнүктүрүү программалары ( “Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр”)- 55,7 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин борбордук аппаратынын кызматкерлеринин кызматтык маяналарына иштеген жылдары үчүн пайыздык үстөктөрдүн өлчөмдөрү Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3-тиркемесине ылайык белгиленсин.

Ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Командировкалык чыгымдар**

**Аныкталды жана Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен командировкалык чыгымдарды төлөп берүүдө белгиленген нормадан 204,5 миң сом ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн, аудит учурунда 204,5 миң сом тиешелүү бюджетке ордуна коюлган.

**Сунуштама:** Командировкалык чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунда каралган нормаларга ылайык жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Президентинин фонду тарабынан каржыланган каражаттар**

2023-жылга ***Кыргыз Республикасынын Президентинин фонду*** тарабынан Борбордук аппаратына каржыланган каражаттар 63 870,6 миң сомго такталган. 2023-жылдын жыйынтыгы менен кассалык жана иш жүзүндөгү эсептелген чыгымдар 54 846,1 миң сомго аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 10-майындагы №146 “Кыргыз Республикасынын Президентинин “Эл үмүтү” эл аралык стипендиясын уюштуруу жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 4-июлундагы №115 тескемеси менен 529,7 миң сом, 2023-жылдын 27-июлундагы №129 тескемеси менен 700,0 миң сом, 2023-жылдын 18-августундагы №150 тескемеси менен 59 994,8 миң сом, 2023-жылдын 13-сентябрындагы №178 тескемеси менен 2 646,1 миң сом, бөлүнгөн. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Эл үмүтү” эл аралык

стипендиясынын 2023-2024-окуу жылына стипендиаттарын окутууга акы төлөө үчүн 17 стипендиатка 54 146,1 миң сом жана “Акылман” президенттик лицейине окуучуларды тандоо боюнча тестирлөө өткөрүүгө 700,0 сом чыгымдалган.

**Бухгалтердик эсепти жүргүзүү**

**Аныктама жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча Жобонун 7-главасынын “Дебитордук карызды эсепке алуу” жана “Милдеттенмелерди эсепке алуу” бөлүктөрүн бузуу менен, Министрликтин борбордук аппаратынын бюджеттик каражаттардын эсебинен 2023-жылдын 31-декабрына карата жылдык бухгалтердик балансында 1 111,3 миң сом, анын ичинде: социалдык төлөмдөргө 598,0 миң сом дебитордук карызы жана киреше салыгы боюнча 513,3 миң сом кредитордук карыздар көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун 7-главасынын “Дебитордук карызды эсепке алуу” жана 8-главасынын “Милдеттенмелерди эсепке алуу бөлүгүнө ылайык, 1 111,3 миң сом дебитордук жана кредитордук карыздар эсепке алынсын.

**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды жана корутунду:** Министрликтин борбордук аппаратынын 2023-жыл ичинде мамлекеттик сатып алуулар порталындагы № 230209366999974 конкурсу боюнча А4 үлгүсүндөгү кеңсе кагазын сатып алууда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 6-бөлүгүнүн 2-пунктун (2022-жылдын 14-апрелиндеги № 27 редакциясында) бузуу менен, конкурстук документтердин квалификациялык талаптарына дал келген жана эң төмөнкү баа 1 102,4 миң сом сунуштаган жеке ишкер О.З. Зарылбекова четтетилип, 1 144,0 миң сом сунуштаган “Максимус” ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган. Жыйынтыгында Максимус” ЖЧКсы менен 2023-жылдын №3/01-2 келишими түзүлүп, айырмасы 41,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама:** Сатып алууларды “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Респуликасынын Мыйзамына ылайык жүргүзүүнү жана тиешелүү кызматкерлердин мамлекеттик сатып алуулар жаатында квалификациясын жогорулатуу максатында иш-чараларды кароону сунуштайт.

***Борборлоштурулган билим берүү иш чаралары боюнча***

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 21-октябрындагы №576 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан борборлоштурулган билим берүү иш чараларды жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобого ылайык, 2023-жылга

борборлоштурулган билим берүү иш чараларына бюджеттик каражаттар 398 965,0 миң сомго бекитилген, такталган суммасы 373 675,8 миң сом, кассалык чыгымдар 290 859,7 миң сом, жана иш жүзүндөгү чыгымдар –85 854,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде 2215 Дагы башка кызмат көрсөтүүнү сатып алуу беренеси боюнча чыгымдалган:

(миң сом)

| Иш-чаралардын аталышы | Бекитилген | Иш жүзүндөгү чыгымдар |
|---|---|---|
| Мектеп окуучуларынын республикалык олимпиадасына | 8300,0 | 8247,0 |
| “Аккредитация”- сапаттуу билимдин кепилдигине | 20000,0 | 18140,5 |
| ЖКЖИ республикалык кароо сынагына | 200,0 | 199,3 |
| Ата-Мекенди коргоо темасындагы республикалык сынагына | 200,0 | 185,4 |
| ЖМАны даярдоого | 1000,0 | 580,3 |
| Республикалык аскердик колдонмо спорт түрлөрү боюнча сынагына | 300,0 | 250,0 |
| Эл аралык олимпиадага | 4737,0 | 3940,4 |
| Алтын сертификатты тапшыруу үчүн иш-чарага | 200,0 | 100,9 |
| Директорлордун конкурсуна | 1600,0 | 634,4 |
| Август конференциясына | 1500,0 | 1319,6 |
| Алтын тамга аттестатына | 2600,0 | 1774,9 |
| Ректорлордун форумуна | | |
| Эң жакшы мектеп сынагына | 300,0 | 290,2 |
| Жылдын мыкты мугалими конкурсуна | 2500,0 | 1712,4 |
| Мамлекеттик тил конкурсуна | 1542,9 | 670,8 |
| Жаңы жылдык балатыны уюштурууга | 2000,0 | 1829,3 |
| Лицензияга | 2125,6 | 1260,7 |
| Кыргызстан менен соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык биргелешкен комиссиянын жыйынын өткөрүүгө | 900,0 | 183,0 |
| Түрк академиясынын илимий кеңешинин кезектеги жыйынын өткөрүүгө | 1093,8 | 1059,6 |
| Санариптик Кыргызстан 2019-2023-ж. Программмасын ишке ашырууга | 5767,5 | 5387,0 |
| Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ректорлорунун форумун өткөрүүгө | 1600,0 | 1572,0 |
| Эл аралык балдарды коргоо күнүнө | 9,9 | 0 |
| **Баардыгы** | **58 476,7** | **49 337,7** |

**“Жаңы китеп” мекемесинин ишмердүүлүгү**

Министрликтин “Жаңы китеп” мекемеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 24-июлундагы №341 токтому менен түзүлгөн.

“Жаңы китеп” мекемесинин ишин жана окуу китептерин ижарага берүү жагын жөнгө салуучу негизги ченемдик укуктук актылар - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-октябрындагы № 671 “Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарына окуу китептерин этап менен

ижарага берүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарында окуу китептерин ижарага берүүнүн Тартиби (мындан ары - Тартип) жана Окуу китептерин ижарага берүү боюнча көрсөтмөлөр (мындан ары - Колдонмо) болуп саналат.

**Аныкталды жана Корутунду:**

2023-жылдын 1-январына каражаттардын калдыгы 151 236, 9 миң сом, жылдын аягына 181 319, 1 миң сомду түзгөн. Билим берүү жана илим министрлиги менен "Жаңы китеп" мекемесинин ортосунда китеп басып чыгаруу боюнча толук кандуу иш чаралар жүргүзүлүп, ижара акысынан топтолгон каражаттардын эсебинен окуу китептерин басып чыгаруу камсыздалган эмес.

**Сунуштама**

Китептер үчүн ижара акысынан топтолгон каражаттардын эсебинен, мектептерди китептер менен камсыздоо максатында китеп басып чыгаруу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү уюмдары боюнча маалыматтар**

**Министрлик аркылуу мектепке чейинки билим берүү уюмдары - 1535 бала бакча (**Бишкек шаарынын бала бакчаларын кошпогондо) каржыланат, 6140 тайпа, 185 565 бала тарбияланат.

**Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын кызматкерлери,** анын ичинде**:** административдик персонал – 1535 штаттык бирдикти, педагогикалык персонал – 9 517 штатык бирдикти, техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал – 6 631 штатык бирдикти түзөт.

**Кызматкерлердин орточо эмгек акысы:** административдик персоналга – 17 миң сом, педагогикалык персоналга (тарбиячы) – 29,6 миң сом, техникалык жана кенже тейлөөчү персоналга– 5,6 миң сомдон 11 миң сомго чейин.

2023- жылы **Дүйнөлүк банктын каржылоосу менен** 3-сааттык 560 бала бакчалардын ачылуусу каралган**,** 270 бала бакча ачылган (810 группа, 24300 бала менен) 76,0 млн.сом каржыланган.

**Республикалык бюджеттин каржылоосу менен 66 жаңы бала бакча ачылган**, 247 тайпа менен, 7310 бала камтылган. Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жөнүндө Мыйзамынын 7-пунктуна ылайык жергиликтүү бюджеттен каржыланышы керек, бирок 66 бала бакчанын 11 жергиликтүү бюджеттен каржыланууда, ал эми 55 бала бакча дотациялык айыл өкмөттөрүндө болгондуктан каржыланган эмес.

Министрлик аркылуу 2070 мектеп (Бишкек шаарынын мектептерин кошпогондо) каржыланат, 1 263 191 окуучу окуйт.

**Мектептердин кызматкерлери:** административдик персонал -5 175 штаттык бирдикти, педагогикалык персонал - 81 696 штаттык бирдикти, техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал – 34 748 штаттык бирдикти түзөт.

**Кызматкерлердин орточо эмгек акысы**: административдик персонал - 27 миң сом, педагогикалык персонал (тарбиячы) – 26,8 миң.сом, техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал –5,6 миң сомдон 11 миң сомго чейин.

Бир жылга 1 окуучуга 37,5 миң сом мамлекеттен каржыланат:

- Эмгек акыга –33188 сом,
- Мугалимдердин командировкалык чыгымдарына – 900 сом
- Окуучулардын тамак ашына – 2500 сом.
- Учурдагы оңдоо иштерине – 368 сом.
- Канцелярия жана чарба товарларына –200 сом.

Бир күндүк норма тамак ашка 1 окуучуга мектепте – 14 сом.

Бир күндүк норма тамак ашка 1 окуучуга жатак мектепте – 110 сом.

Бир күндүк норма тамак ашка 1 окуучуга атайын жатак мектепте – 220 сом.

**Мектеп жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарында эмгек акы төлөөнүн шарттарынын сакталышы**

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү” Жобонун талаптарын бузуу менен тарификацияларды, эселөө коэффициенттерди жана педагогикалык стаждарды туура эмес эсептөөдөн, ашыкча педагогикалык жүктөмдөрдү берүүдөн, жумуштарды айкалыштырып иштөөдөгү ж.б. бузуулардын негизинде 10 474,9 миң сом эмгек акыга жана 1 198,6 миң сом Социалдык фондуна төлөмдөр жүргүзүлгөн (№1 тиркеме).

**Сунуштама:** Эмгек акы төлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген “Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү” Жобого ылайык келтирилсин.

11673,5 миң сом ашыкча чыгымдарга жол берген билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын (№1 тиркеме).

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” Жобонун 3-пунктун бузуу менен жумуш орундарын аттестациялоосуз кошумча төлөмдөр **23 479,5 миң сомго** чыгымдалган, анын ичинен Социалдык фондуна **3 454,3 миң сом**, төмөндөгү мекемелерде: Тогуз-Торо райондук БББда - 2 961,7 миң сом (Социалдык фондуна төгүмдөр 510,9 миң сом), Алай райондук БББда мектептердин жана бала бакчаларында - 2 561,9 миң сом (Социалдык фондуна төгүмдөр 441,9 миң сом), Москва райондук БББда – 254,6 миң сом (Социалдык фондуна төгүмдөр 43,9 миң сом), Сокулук районундагы мамлекеттик жана муниципалдык типтеги жалпы орто билим берүү уюмдарында 8 499,5 миң сом (Социалдык фондуна төгүмдөр 1 466,2 миң сом) жана Сокулук районундагы мамлекеттик жана муниципалдык типтеги мектепке чейинки

билим берүү уюмдарында – 5 747,5 миң сом (Социалдык фондуна төгүмдөр 991,4 миң сом).

**Сунуштама:** Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобонун 3-пунктуна ылайык келтирилсин, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 189-пунктун бузуу менен транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн компенсациялык 524,2 миң сомго төлөмдөрдөн киреше салыгы кармалган эмес, төмөндөгү мекемелерде: Жалал-Абад шаардык БББ- 4,7 миң сом, Аламүдүн райондук БББ- 56,0 миң сом, Москва райондук БББ -32,7 миң сом, Сүлүктү шаардык БББ -67,2 миң сом, Жалал-Абад шаардык БББ 35,0 миң сом, Араван райондук БББ - 30,5 миң сом, Кара-Кулжа райондук БББ - 25,4 миң сом, Кара-Суу БББ -22,0 миң сом, Жайыл райондук БББ - 34,9 миң сом, Баткен шаардык ББВ - 19,5 миң сом, Кадамжай райондук ББВ - 32,0 миң сом, Өзгөн шаардык ББВ - 21,9 миң сом, Лейлек райондук БББда – 34,5 миң сом (республикалык бюджеттин кирешесине которулган), Панфилов райондук БББда – 21,9 миң сом, Москва райондук БББда – 11,3 миң сом, Алай райондук БББда – 28,1 миң сом (республикалык бюджеттин кирешесине которулган), Ноокат райондук БББда – 46,6 миң сом Аудит учурунда 62,6 миң сом ордуна коюлду, ордуна коюлууга тийиш 461,6 миң сом.

**Сунуштама:**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына** маалымдоо менен Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 189-пунктуна ылайык, транспорттук чыгымдар жана тамактануу үчүн компенсациялык төлөмдөрдөн 461,6 миң сомго киреше салыгын тиешелүү бюджеттин эсебине которуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн, төмөндөгү билим берүү уюмдарында: Жалал-Абад шаардык БББ- 4,7 миң сом, Аламүдүн райондук БББ- 56,0 миң сом, Москва райондук БББ -32,7 миң сом, Сүлүктү шаардык БББ -67,2 миң сом, Жалал-Абад шаардык БББгы- 35,0 миң сом, Араван райондук БББ - 30,5 миң сомго, Кара-Кулжа райондук БББ - 25,4 миң сом, Кара-Суу БББ -22,0 миң сомго, Жайыл райондук БББ - 34,9 миң сом, Баткен шаардык БББ - 19,5 миң сомго, Кадамжай райондук БББ - 32,0 миң сом, Өзгөн шаардык БББ - 21,9 миң сом, Панфилов райондук БББ – 21,9 миң сом, Москва райондук БББ – 11,3 миң сомго, Ноокат райондук БББ- 46,6 миң сом.

**Штаттык бирдиктердин сакталышы**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 “Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө” токтому менен бекитилген, билим берүү уюмдарынын

болжолдуу типтүү штаттарынын талаптары сакталбастан, ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө (№2 тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында) 5 964,8 миң сомго эмгек акы, 1 015,7 миң сомго Социалдык фондуна төгүмдөр төлөнгөн.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 9-сентябрындагы №485 "Билим берүүнүн райондук (шаардык) бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын) алдындагы окуу-методикалык кабинеттердин типтик штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан, ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө (№2 тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында) 150,1 миң сомго эмгек акыга, 25,9 миң сомго Социалдык фондуна төгүмдөр төлөнгөн.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы № 302 токтому менен бекитилген, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмүнүн (башкармалыгынын) борбордоштурулган бухгалтерияларынын типтүү штаттары сакталбастан, ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө (№2 тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында) 347,9 миң сомго эмгек акы 58,0 миң сомго Социалдык фондуна төгүмдөр төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомун бузуу менен ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө (№2 тиркемеде көрсөтүлгөн билим берүү уюмдарында) 290,2 миң сомго эмгек акы төлөнгөн. Жалпы 6 753,0 миң сом эмгек акыга 1 099,6 миң сомго Социалдык фондуна төгүмдөр төлөнгөн.

**Сунуштама**:

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин уюмдарында (*№2 тиркеме)* штаттык бирдиктери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө" токтому менен бекитилген, билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 9-сентябрындагы №485 "Билим берүүнүн райондук (шаардык) бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын) алдындагы окуу-методикалык кабинеттердин типтик штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 30-майындагы №302 токтому менен бекитилген, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмүнүн (башкармалыгынын) борборлоштурулган бухгалтерияларынын типтүү штаттарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы №264 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башкы мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомуна ылайык келтирилсин.

Бекитилген штаттардан ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду:** Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүндө 2023-жылы КРнын Финансы министрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-п “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу” буйругунун талаптарын бузуу менен 277,0 миң сом чыгымдалган, анын ичинде: Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүндө 2215 “Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу” беренесинен 207,6 миң сом, Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмүндө 2111 “Эмгек акы” беренесинен 69,4 миң сом.

**Сунуштама:**

**1.** Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүндө товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү жана аткарылган жумуштарды сатып алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-б “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу” буйругунун талаптарын аткарылышы камсыздалсын.

**2**. Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын “2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө” Мыйзамынын 16-беренесине ылайык, максатсыз чыгымдалган 69,4 миң сом республикалык бюджетке ордуна коюлсун.

**Аныкталды жана корутунду:**

**Ак-Суу районундагы М. Мамакеев атындагы орто мектебинде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин” талаптарын бузууга жол берилген, накталай акча каражаттарын эсепке алуу кассалык китеби ачылган эмес. Жыйынтыгында, мектепте өткөрүлгөн “Алтын уям мектебим” марафонунан түшкөн 106,5 миң сом накталай акча кассалык китепте көрсөтүлгөн эмес. *(Аудит учурунда, 106,5 миң сом бухгалтердик эсепке алынган).*

**Командировкалык чыгымдары**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен командировкалык чыгымдарды төлөп берүүдө белгиленген нормадан 98,0 миң сомго ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн, төмөндөгү мекемелерде: Сокулук райондук билим берүү бөлүмүндө - 9,0 миң сомго (Бейшеналы атындагы орто мектебинде 1,6 миң сом, Жаңы-Жер орто мектебинде 2,9 миң сом, Орок орто мектебинде 2,5 миң сом, А. Мамыралиев

атындагы орто мектебинде 2,0 миң сом); Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүндө - 83,0 миң сомго; Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүндө - 6,0 миң сомго.

Ошондой эле, Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүндө кызматкерлерге 36,6 миң сом өлчөмүндөгү акча каражаты кем төлөнгөн, 2023-жылдын 31-декабрына кредитордук карыз катары эсепте көрсөтүлгөн эмес. Ошондой эле,. 2023-жылы кызматкерлердин 41,8 миң сомдук аванстык отчеттору бухгалтердик эсепке алынган эмес.

**Сунуштама:** Командировкалык чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунда каралган нормаларга ылайык жүргүзүлсүн.

- Командировкалык чыгымдарды төлөп берүүдө белгиленген нормадан 98,0 миң сомго ашыкча төлөмдөр жооптуу кызматкерлерден тиешелүү бюджетке ордуна коюлсун, төмөндөгү уюмдарда: **Сокулук райондук билим берүү бөлүмүндө -** 9,0 миң сом (Бейшеналы атындагы орто мектебинде 1,6 миң сом, Жаңы-Жер орто мектебинде 2,9 миң сом, Орок орто мектебинде 2,5 миң сом, А. Мамыралиев атындагы орто мектебинде 2,0 миң сом); **Базар-Коргон райондук билим берүү бөлүмүндө -** 83,0 миң сом; **Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүндө** - 6,0 миң сом.

- Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүндө кем төлөнгөн 36,6 миң сом командировкалык чыгымдар төлөнүп берилсин.

- Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүндө 41,8 миң сомго аванстык отчеттор бухгалтердик эсепке алынсын.

## Товардык-материалдык баалуулуктардын жана негизги каражаттардын эсептери

**Аныкталды жана корутунду: Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн** бала-бакчаларындагы тамак-аш азыктарынын жана ТМБдын калдыгын эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б жана 2023-жылдын 11-июлу №2-Б буйруктары менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен 9,9 миң сомго тамак-аш азыктарынын жетишпестиги жана 2,5 миң сомго ашыкча чыгуу аныкталган. Товардык-материалдык балуулуктардан 34,1 миң сомго ашыкча чыгуулары аныкталды. Аудит учурунда тамак-аш азыктарынын 9,9 миң сомдук жетишпестиги тиешелүү кызматкерлерден өндүрүлүп тиешелүү бюджетке которулду, ал эми 36,6 миң сомдук ТМБдын жана тамак-аш азыктарынын ашыкча чыгуулар мекемелердин эсебине кириштелди.

**Сунуштама:** Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн бала-бакчаларында тамак-аш азыктарынын жана ТМБдын жетишпестигине жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:**

**Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүнүн** балансындагы негизги каражаттарына, жабдууларга жана инвентарлардын сакталуусуна инвентаризациянын натыйжасында мектептер жана бала-бакчаларда ата-энелерден жана демөөрчүлөрдөн келген 128,0 миң сомдук музыкалык апарат, принтер, кондиционер жана муздаткыч бухгалтердик эсепке кириштелбагандиги аныкталган *(Аудит учурунда бухгалтердик эсепке алынган).*

**Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүнүн Ак-Суу жалпы билим берүү мектеп-интернатында** 303,4 миң сомго ТМБлар бухгалтердик эсепке кириштелген эмес . *(Аудит учурунда балансты 303,4 миң сомго жогорулатуу үчүн тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен эсепте калыбына келтирилген);*

**Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүндө** Э. Мейманов атындагы орто метебинин алдындагы чарбасынын жалпы баасы 68,0 миң сомго айыл чарба малдар баланска кириштелген эмес. *(Аудит учурунда балансты 68,0 миң сомго жогорулатуу үчүн тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен эсепте калыбына келтирилген);*

- **Кочкор райондук билим берүү бөлүмүндө** райондун мектептеринин алдындагы чарбасынын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгында келип түшкөн *113,9 миң сом* өлчөмүндөгү негизги каражатар жана *648,0 миң сомго* айыл чарба малдары (уйлар, торпоктор, койлор, эчкилер) баланска кириштелген эмес, жалпы 761,9 миң сомго *(Аудит учурунда балансты 761,9 миң сомго жогорулатуу үчүн тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен калыбына келтирилген).*

**Аныкталды жана корутунду:** ***Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмүндө*** 2023-жылы 746,8 миң сомго товардык материалдык баалуулуктар, тастыктоочу документтери жок негизсиз эсептен чыгарылган. *(Аудит учурунда, баалуулуктар бухгалтердик эсепте калыбына келтирилген)*.

**Сунуштама:**

Негизсиз эсептен чыгарылган ТМБ, бухгалтердик оңдоп-түзөө жүгүртүүлөрү аткарылып, бухгалтердик эсеп-кысапта кириштелгени эске алынсын. Мындан ары, ТМБ эсепке алууда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарынын аткарылышы көзөмөлдөнсүн.

**Дебитордук жана кредитордук карыздар**

**Аныкталды жана корутунду:**

**Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн** балансында көрсөтүлгөн кызматкерлерге кызматтык иш сапарларга болгон 987,5 миң сомдук кредитордук карыз көрсөтүлгөн, иш жүзүндө 133,2 миң сомдук кредитордук карыз такталган жана **854,3 миң сомго** кредитордук карыз белгисиз себептерден бухгалтердик эсепте көрсөтүлүп келет, ошондой эле **Кадам-Жай райондук билим берүү**

**бөлүмүндө 708,5** миң сомдук кредитордук карыз иш жүзүндөда жок экендиги аныкталган.

2023-жылы, эмгек акы эсептелбестен, кызматкерлердин айлык акы банктык эсептерине ашыкча айлык катары негизсиз 2 137,7 миң сом негизсиз которулган, анын ичинен: **Бакай-Ата райондук билим берүү бөлүмү – 1 588,8 миң сом** жана **Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмү** – *548,9 миң сом.* Дебитордук карыз бухгалтердик эсепте жашырылган. *(2 137,7 миң сом, республикалык бюджетке которулган).*

*Талас райондук, шаардык билим берүү бөлүмүндө* **77,1 миң сомго** киреше салыгы боюнча дебитордук карыз бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес (*аудит учурунда дебитордук кары бухгалтердик эсепте чагылдырылган)*;

КРнын Социалдык фондуна камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес, анын ичинен: **Каракол шаардык билим берүү бөлүмүндө** 9 312,1 миң сомго**, Ысык-Көл райондук билим берүү бөлүмүндө** 595,3 миң сомго**, Ат-Башы райондук билим берүү бөлүмүндө** 13 958,6 миң сомго (аудит учурунда дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте чагылдырылган);

**Тоң райондук билим берүү бөлүмүндө** электр энергиясы үчүн дебитордук карыз 104,1 миң сомго, жеке ишкерлердин компьютерлерди тейлөөсү үчүн кызматы боюнча 12,4 миң сом, жалпы **116,5 миң сом** бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес (аудит учурунда дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте чагылдырылган);

**Жумгал райондук билим берүү бөлүмүндө** киреше салыгы боюнча **167,6 миң сом** бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес (аудит учурунда дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте чагылдырылган).

**Сунуштама**

Чаткал жана Кадам-Жай райондук билим берүү бөлүмдөрүндө бухгалтердик эсебинде негизсиз көрсөтүлгөн 854,3 миң сомго жана 708,5 миң сомго кредитордук карыздар талдансын жана бухгалтердик эсепке оңдоп-түзөөлөр киргизилсин.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" Жобонун 17-пунктун бузуу менен, билим берүү бөлүмдөрүнүн имараттарында Кесиптик уюмунун комитеттери (профсоюз) менен ижара келишими түзүлбөстөн, акысыз пайдаланууга бөлмөлөр берилген, жалпы **1 996,5 миң сом** эсептелинди, анын ичинен **Баткен райондук билим берүү бөлүмүндө** 1 885,5 **миң сом, Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүндө -** 28,2 миң сомго (аудит аяктагандан кийин 28,2 миң сом накталай бюджетке калыбына келтирилген),**Тоң райондук билим берүү бөлүмүндө -** 17,1 миң сом**, Түп райондук билим берүү бөлүмүндө -** 11,7 миң сом, **Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүндө -** 18,0 миң сом**, Кочкор райондук билим берүү бөлүмүндө -** 36,0 миң сом**.**

**Сунуштама:** Баткен, Ак-Суу, Тоң, Түп, Ак-Талаа, Кочкор райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн кызматкерлерине ыңгайлуу иш шарттарын түзүп берүү үчүн, кесиптик кошуундар уюму, усулдук бирикме колдонгон бөлмөлөр бошотулуп, бөлүмдөргө өткөрүлүп берилсин, же ижарага берүү боюнча келишимдер түзүлсүн.

**Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү бузуулар**

Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесин бузуу менен сатып алууларга мониторинг жүргүзүлбөстөн 1267,2 миң сомго сатып алуулар жүргүзүлгөн, анын ичинен: Тогуз-Торо райондук БББда -452,6 миң сомго, Кара-Көл шаардык БББда -13,4 миң сомго, Көк-Жангак шаардык БББда – 801,2 миң сомго.

- Мыйзамдын 10-беренесинин талаптары сакталбастан, **Талас райондук, шаардык БББда** мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболору өткөрүлбөстөн 480,6 миң сомго ТМБ жана кызматтар сатылып алынган.

- Сатып алуулар жөнүндөгү кулактандыруулар электрондук веб-порталга жайгаштырылбастан (конкурс өткөрүлбөстөн) **Ат-Башы райондук БББда** 95,0 миң сомго товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган.

- Мыйзамдын 17-беренесинин 3-пунктунун 3-пунктчасынын талаптары сакталбастан, бекитилген бюджетке же чыгымдар сметасына ылайык чыгымдар беренесинде каралган суммага карабастан 200 000 сомго чейин сатып алууда товарлар, жумуштар жана кызматтар **Кочкор райондук БББда** 446,1 миң сомго жана **Өзгөн райондук БББда** 397,9 миң сомго электрондук каталог аркылуу жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**: Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзгөн билим берүү болүмдөрүнүн мамлекеттик сатып алуулар боюнча жооптуу кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмү менен ЖЧК жана жеке ишкерлер менен 2023-жылга товарларды жана кызмат көрсөтүүлөргө түзүлгөн келишимдерди өз мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн жалпы пайыздык чегерүүлөрү 13,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен Айлин Нур” ЖЧКсы-2,3 миң сом, “Сапат-Азия” ЖЧКсы- 6,5 миң сом, Жеке ишкер “Кочкорбаев У.К” – 4,6 миң сом.

**Сунуштама:** Кара-Көл шаардык билим берүү бөлүмү менен эки тараптуу түзүлгөн келишимдерге ылайык, келишимдердеги милдеттенмелерди өз мөөнөтүндө аткарбагандыгы үчүн пайыздык чегерүүлөрдү талап кылуу иштери жүргүзүлсүн, “Айлин Нур” ЖЧКсы-2,3 миң сом, “Сапат-Азия” ЖЧКсы-6,5 миң сом,жеке ишкер “У.К Кочкорбаев” –4,6 миң сом.

**Коммуналдык чыгымдар жана электр энергиясы боюнча белгиленген лимиттердин сакталышы**

Коммуналдык чыгымдар бюджеттик сметаларда жетиштүү каражаттын болгондугуна карабастан пайдаланган электр энергияга берилген эсептерге өз убагында төлөм жүргүзүлбөгөндүктөн, райондук электр тармактар ишканалары тарабынан **Аксы райондук БББ** 5,6 миң сомго, Аксы райондук БББга караштуу **Ж.Мавлянов атындагы мектеп лицейи 6,3** миң сомго, Алай райондук БББга караштуу **Кадырмамат уулу Абдыразак атындагы мектеп-интернатында** 10,3 миң сомго, **Кадамжай райондук БББда** 124,8 миң сомго туум эсептелинип, бюджеттик каражаттардын жоготуусуна жол берилген.

Министрликтин 2023-жылдын 26-декабрындагы №5676/1 сандуу буйругуна ылайык бекитилген ченемден ашыкча 138,3 миң сом чыгымдалган, анын ичинде: ***Баткен райондук БББга караштуу Баткен Самаркандек гимназиясы*** 118,3 миң сомго, **Панфилов райондук БББда** 20,0 миң сомго.

**Сунуштама:**

-Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 28-майындагы №265 “Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2024-/2025-жылдардын күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө” токтомунун талаптарын аткаруу менен коммуналдык чыгымдарга өз убагында төлөм жүргүзүлүп, бюджеттик ашыкча чыгымдарга жол берилбесин.

**Тамак-аш азыктарын эсептен чыгаруу нормаларын сактоо**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы № 7 “Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө” токтому менен бекитилген нормаларга шайкеш келбестен, 1-4 класс окуучуларга берилген тамак-аш азыктарын нормадан ашыкча 320,9 миң сомго чыгымдалган, анын ичинде: **Аксы райондук БББга караштуу Ж.Мавлянов атындагы жатак-мектебинин** -114,6 миң сом, **Сокулук райондук билим берүү бөлүмүнө караштуу жалпы билим берүү мектептери** -176,6 миң сом, **Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмүнө караштуу жалпы билим берүү мектептери** -29,7 миң сом.

**Сунуштама:**

- Аксы райондук БББнын Ж.Мавлянов атындагы №14 жатак-мектебинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы № 7 “Социалдык чөйрө мекемелеринде тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө” токтомуна ылайык, окуучуларга тамак-аш азыктарын чыгымдоо боюнча белгиленген нормалардан четтөө жүргүзүлбөсүн.
- Сокулук райондук, Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмдөрүнө караштуу жалпы билим берүү мектептеринин 1-4 класстагы окуучуларына тамактандырууну уюштуруу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №673 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүүчү мектептеринде окуучулардын тамак-ашын уюштуруу жөнүндө” токтому менен белгиленген эсебине ылайык камсыздалсын.

**Башка бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду:**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” Жобонун 3,4-пункттары сакталбастан, **Кочкор райондук БББда** талап кылынбаган 2,9 миң сом республикалык бюджеттин кирешесине которулуп берилген эмес.

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 105-беренесинин 6-пункту сакталбастан, түшкөн кирешелер өз муктаждыктарына бирдиктүү казыналык эсептен тышкары, жалпысы 1 963,2 миң сомго чарба муктаждыктарына пайдаланылган, анын ичинен:

- **Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүндө** Ак-Суу районундагы 5 (беш) мектептин алдындагы көмөкчү чарбаларында өндүрүлгөн өздүк товарларын сатуудан кирешелер 390,3 миң сом 2025-жылдын 12-февралындагы №1081 дүмүрчөгү аркылуу накталай бюджетке калыбына келтирилген.

- **Ак-Суу районундагы М.Мамакеев атындагы орто мектебинде** “Алтын уям мектебим” марафонунан түшкөн **13,5 миң сом** киреше 2025-жылдын 15-февралындагы №1 ТТ аркылуу накталай бюджетке калыбына келтирилген.

- **Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүндө** Ак-Талаа районундагы мектептердин алдындагы көмөкчү чарбаларында өндүрүлгөн өздүк товарларын сатуудан кирешелер **-281,3 миң сом.**

- **Кочкор райондук билим берүү бөлүмүндө** Кочкор районундагы мектептердин алдындагы көмөкчү чарбаларында өндүрүлгөн өздүк товарларын сатуудан кирешелер- **911,2 миң сом.**

- **Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүндө 366,9 миң сомго** Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмүнүн жооптуу кызматкерлеринин түшүндүрмөсү боюнча 2023-жылы атайын эсептин каражаттары боюнча атайын эсеп болгон эмес.

**Сунуштама:**

- Кочкор райондук билим берүү бөлүмүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2025-жылдын 31-майындагы №302 токтому менен бекитилген, “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” Жобонун 3,4-пунктуна ылайык, талап кылынбаган 2,9 миң сом республикалык бюджетке которулсун;

- Ак-Талаа, Кочкор, Тогуз-Торо райондук билим берүү бөлүмдөрүндө, мектептин алдындагы көмөкчү чарбаларында өндүрүлгөн өздүк товарларын сатуудан түшкөн кирешелери Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-пунктунун талаптарына шайкеш келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду: Ак-Суу районундагы М.Мамакеев атындагы орто мектебинде** (*Ак-Суу райондук билим берүү бөлүмүндө 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин алкагында Ак-Суу районунун Теплоключенка айылынын тургуну*

*Ж. Шаршееванын 17.01.2025-ж. кайрылуусу боюнча М.Мамакеев атындагы орто мектебинде кошумча аудит жүргүзүлдү*) КР Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 6,7,8-пункттарынын талаптарын бузулуп, "Алтын уям мектебим" марафонунан түшкөн 178,0 миң сом атайын счетко түшпөстөн, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атайын уруксатысыз коммерциялык банкка ("Мбанк" электрондук капчыгындагы эсептик счетко) келип түшкөн. Аудиттин аягында 2025-жылдын 14-февралындагы №37100002 ТТ аркылуу 178,0 миң сом республикалык бюджетин кирешесине которулган.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 26-майындагы ПЖ №136 "Балдардын мектепте акысыз билим алуу укугун ишке ашырууга мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 4-пунктун бузуу менен **Ак-Суу районундагы М.Мамакеев атындагы орто мектебинде** 2024-жылдын сентябрь айында 93,4 миң сом каражаты чогултулуп, кызмат көрсөтүү келишимине ылайык, коопсуздук кызматын аткарган кызматкерге төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Ак-Суу районундагы М.Мамакеев атындагы орто мектебинде Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 26-майындагы ПЖ №136 "Балдардын мектепте акысыз билим алуу укугун ишке ашырууга мамлекеттик кепилдиктерди камсыз кылуу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 4-пунктунун аткарылышы камсыздалсын жана тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

***Жогорку билим берүү окуу жайлары боюнча***

Кыргыз Республикасы боюнча 89 жогорку билим берүү мекемеси бар, алардын ичинен 33 мамлекеттик, 56 жеке менчик болуп саналат. Жалпы мамлекеттик жогорку окуу жайлардын ичинен 25 окуу жайы Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрилигинин карамагында, ал эми 8 жогорку окуу жайлар профилдик башка министрликтердин карамагында.

Жогорку билим берүү мекемелеринде жалпысы 222 699 студент билим алышат, алардын ичинен 185 024 студент мамлекеттик билим берүү окуу жайларында, 37 675 студент жеке менчик жогорку билим берүү окуу жайларында окушат. Жалпы студенттердин ичинен 19 623 студент гранттык негизде, ал эми 165 401 студент контракттык негизде билим алышат.

**Министрлик аркылуу 20 жогорку окуу жайы каржыланат, 15 696 гранттык студенттер, 195 318 контрактык негизде окууган студенттер.**

**Кызматкерлер:**

- административдик персонал -3585 штаттык бирдик;
- педагогикалык персонал - 19 837 штаттык бирдик;
- техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал – 4307 штаттык бирдик.

**Орточо эмгек акы:**

- административдик персонал - 40 миң.сом;
- педагогикалык персонал – 32,5 миң.сом;
- Техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал –18 миң сомго чейин.

Жылына 10 000 квота мамлекет тарабынан гранттык орундар берилген.

Бир жылга 1 студентке 58,5 миң сом мамлекеттен каржыланат.

**2022-2023-окуу жылдарында Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу жыйынтыктары жөнүндө**

2022-2023-окуу жылына абитуриенттерди Кыргыз Республикасынын Жогорку окуу жайларына кабыл алуу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарына кабыл алуу тартибинин негизинде жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинентинин 2022-жылдын 12-июлундагы №368 "2022-2023-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде адистиктердин тизмегин жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына билим алуучуларды кабыл алуу көлөмүн бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык 2022-2023 - окуу жылына **6000** мамлекеттик билим берүү гранттары бөлүнгөн, алардын ичинен **80** грант - эл аралык макулдашуулар боюнча милдеттенмелерди аткаруу үчүн, **50** грант - ЖРТ боюнча кыйла жогорку балл алган абитуриенттерди конкурстан тышкары кабыл алуу үчүн, **75** грант – чет өлкөлөрдө жашаган этностук кыргыздар үчүн, **30** грант- Жалал-Абад областынын Аксы районунда 2005-жылы, 2010-жылдын апрель, май жана июнь окуяларында курман болгон адамдардын балдары жана "кайрылман" статусу бар адамдар үчүн. 288 орун – 1, 2-топтогу майыптар, жеңилдик берүү боюнча согуштун катышуучуларына жана майыптарына теңештирилген адамдар, бала кезинен майыптар, майып балдар, жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар үчүн.

4663 гранттык орун Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу жогорку окуу жайлары үчүн бөлүнгөн, калгандары башка мамлекеттик органдар аркылуу каржыланат: Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги – 130 грант, Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги – 358 грант, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги – 206, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги – 100, Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги - 20 грант.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 15-июлундагы "Жогорку окуу жайлары боюнча мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде кабыл алуу планы" № 1437/1 буйругу менен бекитилген.

2022-2023-окуу жылына карата ЖОЖдорго гранттык окууга 5433 студент кабыл алынган. Бөлүнгөн квоталардын алкагында ЖОЖдорго гранттык окутууга жеңилдиктердин ичинен 96 адам кабыл алынган, алардын ичинен:

- ЖРТ боюнча эң жогорку балл алган 7;
- жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдардан – 63;
- 1, 2-топ майыптардын ичинен – 25;
- 2010-жылдын апрель, май жана июнь окуяларында курман болгон адамдардын балдарынын ичинен – 1.

Эл аралык келишимдерди ишке ашыруу үчүн жана чет өлкөдө жашаган этникалык кыргыздар үчүн бөлүнгөн 155 гранттык орундун ичинен 53 гранттык орун өздөштүрүлгөн.

Ошентип, 567 гранттык орун бош калган, алардын ичинен:

- ЖОЖдордо 422 орун;
- ЖРТдан эң жогорку балл алган абитуриенттер үчүн бөлүнгөн квотадан 43 орун;
- чет өлкөлөрдө жашаган этникалык кыргыздар үчүн жана эл аралык макулдашуулар боюнча милдеттенмелерди ишке ашыруу үчүн квоталардан 102 орун бош калган.

**Маалымат иретинде:**

2023-жылы **жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында** квалификациялык эмес билим берүү жана маданий кызматтар үчүн төлөө, анын ичинде жатаканаларда жашагандыгы үчүн төлөмдөр 98 985,9 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомунун 2-главасынын 7-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен, атайын каражаттардын сметасында бекитилген суммадан ашыкча алынган кирешелер, жалпы суммасы **60 259,1 миң сомду** түзгөн.

Сметаларды жана билдирүү маалымкаттарын бекитүү "IS казна" программасы аркылуу таризделбестен жана бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылган эмес.

**Сунуштама:** Атайын эсептин каражаттарын бекитүү жана оңдоо Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 31-майындагы №302 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтомунун 2-главасынын 7-пунктунун аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду: Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде (мындан ары-Жалал-Абад мамлекеттик университети, Университет)** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-августундагы №476 "Өзгөчө абалда болгон мамлекеттердин жогорку окуу жайларынын студенттерин Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына которуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө" токтомунун 1-пунктунда эл аралык аккредитацияга ээ болгон Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына 2022-2023 жана 2023-2024-окуу жылдарында өзгөчө абалда болгон мамлекеттердин жогорку окуу жайларында окуган студенттерди акы төлөнүүчү негизде окуусун улантуу шарты менен, анын ичинде акыркы курска, которууну ишке ашырууга уруксат берүү каралган. Аталган токтомго ылайык 2022-жылдын декабрь айында чет мамлекеттерден 210

студент медициналык кесиптер боюнча Жалал-Абад мамлекеттик университетине которулуп келишкен.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салган нормативдик укуктук актыларды бекитүү жөнүндөгү" токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 12-пунктунда "Айрым дисциплиналар студентке кайрадан зачеттолбосо же окуу пландарында окутулбаган дисциплиналардан айырма болуп калган учурда, аттестациянын жыйынтыгы менен студент аларды тапшырышы, башкача айтканда академиялык айырманы жоюшу керек. Бул үчүн кабыл алуучу *ЖОЖ студенттин жекече окуу планын иштеп чыгып, бекитиши керек*" – деп көрсөтүлгөн. Ошондой эле 13-пунктуна ылайык, "Окутуунун кредиттик технологиясын колдонгон ЖОЖдор үчүн академиялык айырма транскрипт/баалоо баракчаларынын негизинде окутулган дисциплиналардын аннотациясын берүү менен алынган кредиттерге ылайык белгиленет. Академиялык айырма кредиттерде аныкталып, студенттин жекече окуу планына кошумча киргизилет.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинин "Жогорку жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун кредиттик технологиясы боюнча окуу процессин уюштуруу жөнүндө" Жобосу 2023-жылдын 26-июнунда №11 Окумуштуулар Кенешинин протоколу менен бекитилген, башкача айтканда 2022-2023-окуу жылга жобо бекитилген эмес. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 токтомунун 12 жана 13-пункттарынын талаптарына шайкеш келбестен, чет мамлекеттен которулуп келген студенттер үчүн жекече окуу планы иштелип чыккан эмес, ошондой эле академиялык айырма сааттарды окутуу боюнча мугалимдерге буйрук чыккан эмес.

Аудит мезгилинде, белгилүү болгондой башка мамлекеттерден которулуп келген 210 студенттин ичинен 156 студентке окуу жадыбалы (расписание) түзүлгөн, ал эми 54 студентке окуу жадыбалы түзүлгөн эмес.

Окуу бөлүмүнүн берген маалыматы боюнча 210 студенттин академиялык айырмачылыктар боюнча жалпы сааты 198 390 түзсө, анын ичинен аудиториялык окутуу сааты 99 195 түзгөн, калган сааты өз алдынча даярданууга каралган.

2022-2023-окуу жылында академиялык айырмачылыктар боюнча окутулган сааттар боюнча журнал, же кошумча журнал жүргүзүлбөгөн. Окутулган сааттар боюнча маалымат АВН программасына киргизилбеген. Ошондой эле, Университеттин ректору тарабынан бекитилген студент которулууда, академиялык айырмачылыктары болгон учурда кошумча акы төлөө менен кызмат көрсөтүү боюнча кредиттик сааттын эсебиндеги калькуляциясына ылайык, башка мамлекеттен келген 210 студенттен жалпы 2 293,7 миң сом чегерилген.

Университеттин ректору тарабынан бекитилген калькуляциясына ылайык, академиялык айырма сааттарды окутуу үчүн студенттен өндүрүлгөн акча каражаты бир кредитке 439,0 сом, же аудиториялык окуу саатына 29,26 сомдон түзгөн, бирок төлөмдөр жургүзулгөн эмес.

Медицина факультетинде 1 ставкага орточо эмгек акы 23 775,0 сомду түзсө, 1 окутуу сааты 363,6 сомду түзөт. Башкача айтканда академиялык айырма саатын окутуу үчүн каражаты аз каралгандыгы белгиленет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 "Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн белгилөө жөнүндөгү" токтомунун 4.3-пунктунун 2-абзацынын талаптарына шайкеш келбестен, 2022-2023-окуу жылында чет мамлекеттен келген 210 студенттин жалпы каралган саатынан 50 пайызы, же милдеттүү негизде окутулуучу 99 195 окуу сааттары окутулбагандыгына карабастан, 2023-2024-окуу жылынын жыйынтыгы менен чет мамлекеттен которулуп келген 133 студент окуу дипломдорун алып университетти бүтүп кетишкен.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-августундагы №476 токтомуна ылайык **Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетине** чет мамлекеттен которулуп келген студенттерге окутуу сааттарынын аткарылбагандыгына жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №557 "Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө системасын жакшыртуу жана билим берүү уюмдарынын финансылык ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылуу боюнча айрым чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 2-пунктунун 2-абзацынын, Университеттин Көзөмөлчү Кенешинин макулдугу менен университеттин ректору тарабынан 2023-жылдын 26-июнундагы №11 протоколу менен бекитилген, "Студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 23-пунктун бузуу менен, 2022-2023-окуу жылынын жыйынтыгында Медициналык факультетте окуган 1871 студент жалпысы 276 064,0 миң сом окуу акысын (контракт) белгиленген мөөнөттөрдө окуу жылынын аягына 2023-жылдын 1-июлуна чейин толук төлөбөгөндүгүнө карабастан окуудан чыгарылган эмес.

Эгерде карызы бар студенттер убагында окуудан четтетилип кайрадан калыбына келтирилсе (катталышса), 10,0 миң сом өлчөмүндө айып алынып 2023-жылы Университеттин кирешесине 18 710,0 миң сом кошумча киреше алууга мүмкүнчүлүк болмок.

**Сунуштама**

Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Көзөмөлчү Кенешинин макулдугу менен университеттин ректору тарабынан 2023-жылдын 26-июнундагы №11 протоколу менен бекитилген, "Студенттерди которуунун, окуудан чыгаруунун жана окууга калыбына келтирүүнүн тартиби жөнүндө"Жобонун 23-пунктунун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын.

*Маалымат катарында:*

***Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары тууралуу маалымат Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине 2025-жылдын 24-апрелинде №01-7/672 каты менен жөнөтүлгөн.***

**Аныкталды жана корутунду: Талас мамлекеттик университетинде**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы № 261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүнүн белгилөө жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен, жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын педагогикалык адистиктер боюнча окубаган студенттерге ашыкча **72,0 миң сом** стипендия берилген. Аудит учурунда 61,8 миң сом республикалык бюджетке которулган.

**Сунуштама: Талас мамлекеттик университетинде”** 72,0 миң сом төлөмдөргө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” Жобонун 16-пунктуна ылайык, 2022-2023-окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында жана 2022-2023-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарында мамлекеттик бюджеттик гранттын эсебинен окуган, бирок жүйөөсүз себептерден жана өз каалоосу боюнча окуудан четтетилген студенттерге **38 446,3 миң сом** бюджеттик каражаттар чыгымдалган, анын ичинен: ***Ж.*** **Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети** – 6 960,5 миң сом, **М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университети** - 1 725,6 миң сом, **К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети** – 2022-2023 окуу жылы үчүн – 3 155,6 миң сом жана 2023-2024-окуу жылы - 4 418,6 миң сом, **И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети -** 2 095,4 миң сом, **К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университети** – 903,2 миң сом, **Талас мамлекеттик университети** – 723,7 миң сом, **С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети** – 498,2 миң сом, **Кыргыз-Түрк “Манас” университети** - 575,6 миң сом, **Ош мамлекеттик педагогикалык университети** - 2 175,0 миң сом, **Академик К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университети** – 788,6 миң сом, **Баткен мамлекеттик университети -** 719,8 миң сом, **Б. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы –** 1 819,7 миң сом, **И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети** -9 119,3 миң сом, **Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети** -1 030,9 миң сом, **Ош мамлекеттик университети-** 262,1 миң сом, **Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Узбек**

**университети**-338,1 миң сом, **М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде** -396,4 миң сом жана **Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде** - 740,0 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө" Жобонун 16-пунктуна ылайык, бюджеттик негизде окуган студенттердин жүйөөсүз себептерден жана өз каалоосу боюнча окуудан четтетилгендигине байланыштуу, адисти даярдоого сарпталган чыгымдардын ордун толтуруу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Чет элдик студенттердин милдеттүү медициналык камсыздандырылуусу**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасындагы жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Мыйзамынын 8-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы № 597 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу эрежелеринин" 7-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринде окуп жаткан чет элдик жарандар милдеттүү медициналык камсыздандырууга төгүмдөрдү төлөөчүлөр болуп эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн Эреженин 19-пунктунда Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде башкача каралбаса, Кыргыз Республикасынын билим берүү мекемелеринде окуган чет өлкөлүк жарандар, чет өлкөлүк жактар, ошондой эле жарандыгы жок адамдар үчүн төгүмдөрдү камсыздандыруучу же милдеттүү медициналык камсыздандыруу жана мамлекеттик социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар өз алдынча төлөөсү каралган.

Министрликтин 2023-жылдын 2-майындагы №2146/1 "Ченемдик укуктук актыны аткаруу жөнүндө" буйругунун 2-пунктуна ылайык, жогорку кесиптик окуу жайларындагы окуп жана иштеп жаткан чет өлкөлүк жарандардын милдеттүү медициналык камсыздандыруусун ишке ашыруусу жогорку кесиптик окуу жайлардын ректорлоруна жүктөлгөн.

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин** 4 851,7 миң сомго, **И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде** 967,1 миң сомго, **М. Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетинде** 2 130,8 миң сомго, **Академик К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинде** 6 572,8 миң сомго, **Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** 39 032,4 миң сомго, **Баткен мамлекеттик университетинде** 868,7 миң сомго, **Б.Т. Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында** 573,7 миң

сомго, **К.И.Скрябин атындагы Кыргыз Агрардык университетинде** 557,3 миң сомго, **Кыргыз билим берүү академиясында** 16,4 миң сомго жана **И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кара-Балта шаарындагы филиалында** 47,6 миң сомго, жалпы чет элдик студенттеринин милдеттүү медициналык камсыздандырылса 55 618,5 миң сом каражат түшмөк (Кыргыз Республикасындагы чет өлкөлүк жарандар жана Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарында окуган адамдар үчүн 1 календарлык жыл үчүн 16391 сом өлчөмүндө милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисинин наркынын эсебинин негизинде).

**Сунуштама:** "Кыргыз Республикасындагы жарандарды медициналык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, Кыргыз Республикасынын Министирлер Кабинетинин 2023-жылдын 15-ноябрындагы №597 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында жарандарды милдеттүү медициналык камсыздандыруу эрежелеринин" 7-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 2-майындагы №2146/1 буйругунун 2-пунктуна ылайык, окуп жаткан чет өлкөлүк студенттерди толугу менен милдеттүү медициналык камсыздандыруу боюнча иш алып барылсын.

**Аныкталды жана корутунду: Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** 2023-жылдын 26-декабрындагы №582 төлөө тапшырмасы менен 5 300,6 миң сом жана 2023-жылдын 28-декабрындагы №608 төлөө тапшырмасы менен 3 750,0 миң сом, жалпысы **9 050,6 миң сом** 2024-жылдын 1-кварталы үчүн медициналык камсыздандыруу төлөмүнө 2215 "Ар түрдүү товарлар жана кызмат акылар" беренеси боюнча которулган. Которулган медициналык камсыздандыруу төлөмү (полис) чет элдик студенттердин эсебинен эмес, 2024-жылдын I кварталы үчүн 1104 студентке атайын каражаттардын эсебинен негизсиз которулуп берилген.

**Сунуштама:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинде 9 050,6 миң сом 2024-жылдын 1-кварталы үчүн медициналык камсыздандыруу төлөмү *(полис)* үчүн которулган акча каражаты ордуна коюлсун.

**Эмгек акы төлөөнүн шарттарынын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жобону бузуу менен 543,3 миң сом чыгымдалган, анын ичинде: -

**Талас мамлекеттик университетинде** 36,6 миң сом ашыкча эмгек акыга төлөмдөр жүргүзүлгөн, Жобого ылайык, тиешелүү предметтер боюнча мугалимдер жана окутуучулар болбогон учурда толук ставкада иштеген жетекчилер жогорку билим берүү уюмдарында тиешелүү кызмат орду боюнча кызматтык маянасынын 0,5 ставкасынан ашпаган өлчөмдө иштөөгө укуктуу.

- **Академик Т. Садыков атындагы Улуттук сүрөт Академиясынын** жетекчисине аспирантура бөлүмүндө 1 ставкада профессордук штаттык бирдик

менен 205,2 миң сомго ашыкча эмгек акы жана 35,4 миң сомго Социалдык фондуна төгүмдөр төлөнгөн;

- Жобонун 5-пунктунун 5-абзацын бузуу менен **Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** 1,5 ставкадан ашыкча окуу жүктөмдөрү 6 мугалимге 1,7 ставка ашыкча берилип, 301,5 миң сом эмгек акысына, 52,0 миң сом Социалдык фондуна төгүмдөр төлөнгөн.

**Сунуштама:**

Эмгек акыга ашыкча төлөмдөр талдансын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген, "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жободо белгиленген нормаларга ылайык эсептөөлөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө" Жобонун 15-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сый акылар, тарифтик ставкаларга (кызмат маяналарга) үстөктөр, эмгек өргүү акысы жана компенсациялар. Үстөктөрдү жана кошумча акыларды белгилөө финансылык каражаттар болсо, камкорчулар кеңешинин макулдугу менен жүргүзүлөт. Бирок, Жобонун 15-пунктун бузуу менен билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркына (калькуляцияга) киргизилбестен, **Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** төмөндөгү эмгек акыга төлөмдөр жүргүзүлгөн.

- Камкорчулар кеңешинин №4 протоколу менен кызматкерлерине жылдын аягында 28 572,3 миң сом сый акы төлөнүп берилген, Социалдык фондуна төгүмдөр 4 928,7 миң сомду (17,25%) түзгөн;

- Камкорчулар кеңешинин 2008-жылдын 28-августундагы протоколунун негизинде 2023-жылы Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесинде каралбаган кызмат орду үчүн кошумча эмгек акы берилген, анын ичинде: административдик башкаруу кызматкерлерине 2 818,8 миң сом, окуу көмөкчү кызматкерлерине 2 704,6 миң сом, техникалык тейлөө жана кенже кызматкерлерине 1 074,0 миң сом, жалпы **6 597,4 миң сом**, Социалдык фондуна төгүмдөр 1 138,0 миң сомду (17,25 %) түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө" Жобонун 16-пунктун бузуу менен кызмат көрсөтүүлөрдүн өздүк наркынан университеттин кызматкерлерине жаңы-жылдык белектерге баасы 725,0 миң сомго жана жатакана үчүн төлөмдөр 1 428,3 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинде жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен

бекитилген, “Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди коюу жана колдонуу жөнүндө” Жобонун “Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркына киргизилүүчү билим берүү уюмунун (мекеменин) сарптоолору” бөлүгүндө аткарылышы камсыздалсын.

Жалал-Абад мамлекеттик университетинде “Эмгек акыга кирүүчү кошумча төлөмдөрдүн тизмесинде каралбаган” кошумча төлөмдөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана корутунду**: Айкалыштырып иштөө шарттарында Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 332-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 14-мартындагы №135 токтому менен бекитилген, “Коштоп иштегендердин эмгегин жөнгө салуунун өзгөчөлүктөрү жөнүндө” Жободо белгиленген нормалардан четтөө менен **3 917,7 миң сом** чыгымдалган, анын ичинде: **М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде** 123,8 миң сомго, **Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Узбек университетинде** 9,7 миң сомго, **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде** 596,6 миң сом, **К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде** 166,8 миң сом, **С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде** 101,1 миң сом, **И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде** 2 418,8 миң сом, **Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде** 500,9 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**: Айкалыштырып иштөө шарттарында эмгек акыга төлөмдөр белгиленген ченемдерге ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген, “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” Жобонун жана “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмегинин талаптары сакталбастан: жумуш орундарын аттестациялоосуз жалпы **6 433,9 миң сом** төлөнгөн, анын ичинен*:* **Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде** бюджеттик каражаттардын эсебинен 1 284,9 миң сом, атайын эсептик каражаттардан 3 953,9 миң сом, **С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде** - 15,4 миң сом жана **И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде** - 1 140,2 миң сом, **Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунда** – 39,5 миң сом.

**Сунуштама:** Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобону жана “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка

өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) типтүү тизмегине ылайык келтирилсин.

Каралбаган үстөк төлөмдөргө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Эмгек акы шарттары боюнча башка бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду: Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы №346 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын профессордук-окутуучу курамынын кызмат ордун ээлеп туруунун тартиби жөнүндө" Жобонун 2-пунктунун талаптарына шайкеш келбестен, 2023-жылда ЖАМУнун 122 окутуучусу белгиленген тартипте келишимдик-конкурстук негизде жумушка кабыл алынган эмес.

**Сунуштама:** Жалал-Абад мамлекеттик университетинде окутуучуларды жумушка алууда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы № 329 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө тартиби жөнүндө Жобонун 3-пунктуна ылайык конкурс аркылуу окутуучулар жумушка кабыл алынсын.

**Аныкталды жана корутунду: Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун** инновациялык технологиялар борборунда Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 3-мартындагы №181 "Билим берүү системасындагы педагогикалык жана айрым категориядагы кызматкерлердин эмгек акысын төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомун бузуу менен ашыкча бирдик күтүүгө 2023-жылы 414,0 миң сомго эмгек акыга жана 71,4 миң сомго Социалдык фондуна төгүмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама: Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун** штаттык ырааттамасын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 3-мартындагы №181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориядагы кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна ылайык келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду: Тил мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча инновациялык технологиялар борборунда** ай сайын 900 сомдон нормативдик-укуктук актыларда каралбаган кошумча акыга төлөмдөр 11,6 миң сомго жүргүзүлгөн.

**Сунуштама: Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун** Тил мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча инновациялык технологиялар борборунда ченемдик-укуктук актыларда каралбаган кошумча төлөмдөр токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду: Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде (**мындан ары- Кыргыз Улуттук университети**)** атайын каражаттардын эсебинен 2021-жылдын 18-майында №144 “Кошумча төлөмдөрдү бекитүү жөнүндө” буйруктун негизинде кызматкерлердин эмгек акысына кошумча төлөмдөр 2023-жылы **160 677,4 миң сом** (анын ичинде камсыздандыруу төгүмдөрү 23 639,1миң сом) жүргүзүлгөн, тактап айтканда, 2023-жылы атайын каражаттардын эсебинен (контракттык окуудан түшкөн киреше) кызматкерлерге дифференциялоо иретинде 100%га чейин ар кандай суммада кошумча төлөм жана иштин натыйжасы үчүн дем берүүчү мүнөздөгү акылар жүргүзүлгөн.

Эмгек акыга кошумча төлөмдөр Кыргыз Улуттук университети кызматкерлеринин квалификациясын, аткарылган иштин шарттарын, ар бир кызматкердин жеке салымы эсепке алынбастан, ошондой эле, кошумча төлөөнүн 2022-жылдын 29-апрелиндеги “Эмгек акы жөнүндө” Жобонун 5-бөлүмүнүн 2-пунктунун 3,4-пунктчаларынын талаптарын бузуу менен, кызматкерлердин ишинин критерийлери каралбаган жана баалоо жүргүзүлбөстөң чыгымдалган.

“Эмгек акы жөнүндө” Жобонун 5-бөлүмүнүн 2-пункутунун 9-пунктчаларынын талаптарын бузуу менен, кызматкерлерге өздөрүнүн функционалдык милдеттерин сапатсыз аткаргандыгы жана иштеги кетирилген кемчиликтери үчүн тартиптик жазага тартылышкандыгына карабастан, ай сайын иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режимине 20-50% га чейин кошумча эмгек акы 705,8 миң сомго, Социалдык фондуна төгүмдөр 121,8 миң сомго чегерилип төлөнгөн.

**Сунуштама:** Кызматкерлерге эмгек акыга кошумча төлөмдөрдү белгилөө “Эмгек акы жөнүндө” Жободо каралган нормаларга ылайык келтирилсин жана Жобонун белгиленген ченемдерин бузууга жол берген тиешелүү кыматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду: И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин** кызматкерлерине 2022-жылдын 1-ноябрындагы “Кошумча төлөмдөрдү белгилөө үчүн эмгек акынын ченемдери боюнча” Жобонун 4.1-пунктун бузуу менен, кызматкерлерге функционалдык милдеттерин сапатсыз аткаргандыгы жана иштеги кемчиликтери үчүн тартиптик жазага тартылышкандыгына карабастан, ай сайын иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режимине 20-50% га чейин кошумча эмгек акы 5 285,9 миң сомго, Социалдык фондуна төгүмдөр 911,8 миң сом, жалпы суммасы **5 991,7 миң** сомго чегерилип төлөнгөн.

**Сунуштама:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде “Кошумча төлөмдөрдү белгилөө үчүн эмгек акынын ченемдери боюнча” Жобонун ченемдерин бузууга жол берген тиешелүү кыматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

**Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек университетинде** “Профессордук-окутуучулар курамынын окуу, окуу-усулдук жана башка жумуштарынын түрлөрүнүн пландоо үчүн убакыт өлчөмдөрү тууралуу” Жобону бузуу менен 2022-2023-окуу жылында университеттин профессордук-окутуучулар курамынын 92 кызматкерлери тарабынан аткарылбай калган 377 сааттык жүктөмү үчүн 115,4 миң сом негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама: Б. Сыдыков атындагы Кыргыз Өзбек университетинин** “Профессордук-окутуучулар курамынын окуу, окуу-усулдук жана башка жумуштарынын түрлөрүнүн пландоо үчүн убакыт өлчөмдөрү тууралуу” Жобонун аткарылышы камсыздалсын жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду: И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №788 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жогорку жана орто профессионалдык билим берүү системасынын типтүү штатын бекитүү жөнүндө” токтомунун 1-тиркемесинде белгиленген ченемдерден сырткары, ашыкча 15 штаттык бирдик күтүүгө эмгек акыга 1 267,2 миң сом, Социалдык фондуна 218,6 миң сомго (17,25%) чыгымдалган.

Ошондой эле, **И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин политехникалык колледжинде** 2023-жылда психологдун штаттык бирдигин күтүүгө эмгек акыга 252,8 миң сом, Социалдык фондуна 43,6 миң сом (17,25%) чыгымдалган.

**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** 2023-жылы ашыкча 5 штаттык бирдигин күтүүгө эмгек акыга 323,6 миң сом, Социалдык фондуна 69,13 миң сом (17,25%) чыгымдалган.

**Сунуштама: И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинде, И.. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин политехникалык колледжинде жана Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** штаттык бирдиктер Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №788 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин жогорку жана орто профессионалдык билим берүү системасынын типтүү штатынын бекитүү жөнүндө” токтомунда каралган штаттык бирдиктерге ылайык келтирилсин жана ашыкча бирдиктерди кутүүгө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Бухгалтердик эсепти жүргүзүү жана отчеттуулукту түзүү боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду: И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кызыл-Кыя ш. филиалында** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №135 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча”

Жобонун (мындан ары – *Жобо*) Финансылык эмес активдерди эсепке алуу принциптери 6-главасынын 143,145 пункттарын бузуу менен негизги каражаттарды таануу бөлүгүндө, чыгымдарды капитализациялоо жүргүзүлгөн эмес.

2023-жылы 1 079,0 миң сомго жүргүзүлгөн капиталдык оңдоолор (имараттын чатыры алмаштырылган) филиалдын балансынан, Кызыл-Кыя шаарынын мэриясына караштуу муниципалдык менчикти башкаруу департаментинин балансына өткөрүлүп берилген эмес.

**Сунуштама: И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Кызыл-Кыя филиалында** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун 143,145-пункттарына ылайык, чыгымдарды капитализациялоо (капиталдык оңдоолор) бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду: Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** "Башка тейлөө кызматтарын алуу" беренесинен 870,7 миң сом, "Мүлктү учурдагы оңдоо" чыгымдарына 441,1 миң сомго, "Учурдагы чарбалык максаттар үчүн предметтерди жана материалдарды сатып алуу" чыгымдарына 391,1 миң сомго, "Медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу" 38,5 миң сомго чыгымдалган.

**Аныкталды жана корутунду:** 2023-жылдын 31-декабрына карата командировкалык чыгымдар боюнча 20,2 миң сомго дебитордук карыз бухгалтердик эсепте көрсөтүлгөн эмес.

**Аныкталды жана корутунду:** 2023-жылы "Эмгек курулуш" ЖЧКсы тарабынан жалпысы 129 627,2 миң сомго толук бүтпөгөн курулуш иштери аткарылган. Жобонун 530-пунктунун талабына шайкеш келбестен 129 627,2 миң сомго аткарылган бүтпөгөн курулуштардын суммасы, "Бүтпөгөн курулмалар" эсебине алынбай, "Имарат жана курулмалар" бухгалтердик эсебине алынган.

**Аныкталды жана корутунду:** Жобонун 506-пунктунун талабына шайкеш келбестен 2023-жылы 37 404,4 миң сомго сатылып алынган эмерек жабдуулардын эсебинен 562,2 миң сомдук жабдуулар балanska алынган эмес.

**Аныкталды жана корутунду:** 1998-жылы Жалал-Абад шаарынын Спутник кичи шаарчасындагы Р. Азимов №59 көчөсүндө жайгашкан **5,98 га** жер жер тилкеси Жалал-Абад шаарынын мамлекеттик администрациясынын (мэриясынын) 1999-жылдын 1-февралындагы №64-Р буйругунун негизинде өткөрүлүп алынган.

Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын 1998-жылдын 4-февралындагы №71 буйругу менен **55,7 га** жер тилкеси Окуу өндүрүштүк жана тажрыйба чарбасын түзүү максатында берилген.

Бирок, Жобонун 7-бөлүмүнүн 576-580-пункттарына ылайык бухгалтердик эсепте актив катары чагылдырылып балanska алынган эмес.

Ошондой эле, ЖАМУнун 14 аталыштагы башка түзүмдүк мекемелеринин жер тилкелери, категориясына жараша балanska (эсепке) алынган эмес, анын

ичинен: “Имарат жана курулмалар астындагы жерлер”, “Өндүрүштүк максаттагы жерлер”, - “Ар түрдүү максаттагы жерлер” жана “Көрктөндүрүү максатындагы жерлер ”.

*Аудит учурунда Спутник кичи шаарчасындагы Р.Азимов №59 көчөсүндө жайгашкан 5,98 га жер тилкеси жана Окуу өндүрүштүк жана тажрыйба чарбасын 55,7 га жер тилкеси көз карандысыз эксперттер тарабынан 1 070 984,0 миң сомго бааланып университеттин бухгалтердик балансына алынган.*

**Аныкталды жана корутунду:** ЖАМУнун окуу өндүрүштүк чарбасынын жери Базар-Коргон райондук мамлекеттик администрациясынын 1998-жылдын 4-февралындагы №71 буйругу менен берилип жалпы аянты 55,7 га түзөт. Бирок, анын ичинен бүгүнкү күндө 5,2 га, же бааланган баасы 92 497,0 миң сом жери негизсиз жеке жактарга турак-жай куруу үчүн берилип кеткен (кайсы жылдары берилип кеткендиги белгисиз). Жалпы 55,7 га жер ичинен 2 га сугат жана 6 га кайракы жери айыл чарбасына жарактуу болуп, эгин эгилет жана тоют жыйналат, ал эми 40,0 га жери пайдаланылбай турат. Өндүрүштүк чарбада 11 чоң сарай жана 4 даана кампа жана башка имараттары бар. Бүгүнкү күндө 40 гектардан ашык жери жана чон сарайлары бош пайдалануусуз (ар кимдер жашап, малдарын киргизип алган) талкаланып жок болуунун алдында турат. Өндүрүштүк чарбанын балансында турган ГАЗ 52 жана 53 маркасындагы 2 даана автоунаасы жетишпейт, башкача айтканда анын ордуна 1 эски кабина жана 1 эски рамасы турат.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун 531-532 пункттарын бузуу менен жыл аягына калдык болуп калган 2030 литр, же 131,5 миң сомдук күйүүчү май, калдык болуп эсепте көрсөтүлгөн эмес.

Ошондой эле, 377,5 миң сомго автоунаанын тетиктеринин жараксыздыгы боюнча (дефектный) жана запастык бөлүктөрдүн автоунааларга коюлгандыгы (установочный) боюнча комиссия менен акт түзүлгөн эмес.

**Аныкталды жана корутунду: ЖАМУнун филиалы Таш-Көмүр инженердик педагогикалык факультетинде** “Кезектеги ондоо иштери” беренесинен 2 261,6 миң сом максатсыз түрдө капиталдык курулуштарга чыгымдалган.

**Сунуштама:**

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинде:**

- Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүүдөгү кемчиликтери үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

- 870,7 миң сом бюджеттик каражаттардын максаттуу багытына ылайык келбеген чыгымдарга жол берилгендиги үчүн тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана тиешелүү иш-чаралар алып барылсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген -Мамлекеттик башкаруу

секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобого ылайык:

- 20,2 миң сомдук дебитордук карыз бухгалтердик эсепте чагылдырылсын;

- 129 627,2 миң сомго бүтпөгөн курулуштардын суммасы, "Бүтпөгөн курулмалар" бухгалтердик эсебине алынсын;

- 562,2 миң сомго алынган жабдуулар бухгалтердик эсепте чагылдырылсын;

- Чыгымдарды эсепке алуу бөлүгүнүн аткарылышы каралсын.

- Өндүрүштүк чарбада пайдаланылбаган 40 гектардан ашык жер жана 10дон ашык чон сарайларды натыйжалуу пайдалануу багытында тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду: К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин алдындагы С. Турсунов атындагы Бишкек агроэкономикалык колледжинде** "Кезектеги ондоо иштери" беренесинен 340,7 миң сомго от казандарды капиталдык оңдоп-түзөө иштери жүргүзүлүп, негизги фонддордун баланстык баасы көбөйтүлбөй түздөн-түз чыгымдарга алып барылган.

*Аудит учурунда колледждин негизги фонддорунун баланстык баасын көбөйтүү үчүн бухгалтердик жазуулар (проводка) жүргүзүлгөн.*

**Аныкталды жана корутунду: Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде** атайын каражаттарынын эсебинде 2023-жылдын 1-январына карата 113 677,9 миң сом калдык калган, 2023-жылга атайын каражаттын сметасынын киреше бөлүгү 901 163,3 миң сомго такталган, жыл ичинде 932 189,1 миң сом киреше алынган, такталган сметага салыштырмалуу 31 025,8 миң сомго ашыкча аткарылган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы №626 токтому менен бекитилген, "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун 1-тиркемесинин 7-пунктуна шайкеш келбестен, бюджетти болжолдоо жана аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылган эмес.

**Аныкталды жана корутунду:** 2024-жылдын 1-январына карата эмгек акы боюнча 22,2 миң сомго дебитордук карыз бухгалтердик эсепте көрсөтүлгөн эмес. *Аудит учурунда дебитордук карыз бухгалтердик жазууларды жүргүзүү менен бухгалтердик эсепке алынган.*

**Аныкталды жана корутунду:** Мамлекеттик салык кызматы менен социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 2025-жылдын 2-апрелинде түзүлгөн салыштырмалуу актысына негизинде 2023-жылдын аягына 17 369,8 миң сом дебитордук карыз бухгалтердик эсепте көрсөтүлгөн эмес. *Аудит учурунда, 17 369,8 миң сом дебитордук карыз бухгалтердик жазууларды жүргүзүү менен бухгалтердик эсепке алынган.*

**Сунуштама:** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде:

Атайын эсептин каражаттарынын бекитилген сметадан сырткары алынган киреше, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын

18-майындагы № 302 токтому менен бекитилген Бирдиктүү казыналык эсеп системасындагы атайын эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө Жобого ылайык аткаруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашылсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген -Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобого ылайык, дебитордук карыздарды эсепке алуу бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду:** ***Талас мамлекеттик университетинде***

DEFA долбоорунун алкагында Евросоюз тарабынан 1 456,6 миң сомго кеңсе товарлар (компьютерлер, ноутбук, планшет, принтер, интерактивдүү панель, телевизор, конференциялык камера жана башкалар) сатылып алынган. Ошону менен бирге, Жобону*н* 6-главасынын 1-параграфынын талаптарын бузуу менен, наркы 1 456,6 миң сомдук ТМБ, негизги каражаттар катары өз убагында баланска кириштелбей, бухгалтердик эсепте эсептеринде чагылдырылган эмес. (*Аудит учурунда бухгалтердик оңдоп-түзөөлөр жүргүзулүп 1 456,6 миң сомго негизги каражаттар бухгалтердик эсепке кириштелген).*

**Аныкталды жана корутунду:** 2020-жылдары, жалпы наркы 656,0 миң сомдук, университетке таандык кыймылсыз мүлктөр, сатуу жана сатып алуу келишимдеринин негизинде жеке менчикке өтүп кеткен. Бирок, *Жобонун* талаптарын бузуу менен, аудит аяктап жаткан мезгилге карата (2025-жылдын 18-февралы) аталган кыймылсыз мүлктөр, мекеменин бухгалтердик эсебинде 656,0 миң сомдук негизги каражаттар катары калдыкта чагылдырылган, же болбосо чыгышталган эмес. (*Аудит учурунда бухгалтердик оңдоп-түзөө жургүзүлүп 656,0 миң сомго негизги каражаттар бухгалтердик эсептен чыгарылган).*

**Аныкталды жана корутунду:** *Жобонун* 7-главасынын 3-параграфынын талаптарын бузуу менен, 3 186,3 миң сомго дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес. (*Аудит учурунда бухгалтердик тийиштүү жүгүртүүлөр аткарылып, бухгалтердик эсеп-кысаптын эсептеринде чагылдырылып, ордуна коюлган).*

**Аныкталды жана корутунду:** К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде демөөрчүлөр тарабынан жыйындар залына 855,0 миң сомго (офистик жабдуулар) негизги каражаттар бухгалтердик балански кириштелген эмес. (*Аудит учурунда тиешелүү өткөрүүлөрдү жүргүзүү менен негизги каражаттар балански кириштелди жана 855,0 миң сомго университеттин балансы жогорулатылган).*

**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети** боюнча

**Аныкталды жана корутунду:** Аудиттин жүрүшүндө Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек шаары жана Түндүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгы менен социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 2025-жылдын 11-мартындагы түзүлгөн салыштырмалуу актысына негизинде 2023-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз 8 798,5

миң сом, 2023-жыл ичинде 105 478,5 миң сомго социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү эсептелинип, жыл ичинде 108 373,8 миң сом которулуп берилген жана жылдын аягына **11 693,7 миң сом** дебитордук карыз *Жобонун* 7-главасынын, “Дебитордук карызды эсепке алуу” параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн.

*Аудит учурунда 11 693,7миң сомго бухгалтердик жазууларды (проводка) берүү менен бухгалтердик эсепке киришелген.*

**Аныкталды жана корутунду:** Жобонун 127 жана183-пункттарынын талаптарын бузуу менен, отчеттук мезгилде 1 627,8 миң сомго кеңсе эмеректери бухгалтердик эсепте негизги каражаттар катары кириштелген эмес. (*Аудит учурунда, алар негизги каражаттар катары бухгалтердик проводка берүү менен бухгалтердик эсепке кириштелген).*

**Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунда** жеке ишкердин 2023-жылдын 31-декабрына карата 30,1 миң сомго ашкана үчүн бөлмөнүн ижара акысы боюнча дебитордук карызы бухгалтердик эсеп боюнча чагылдырылган эмес.

**Сунуштама:** Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунда 30,1 миң сомго ижара акысы боюнча дебитордук карыз бухгалтердик эсепте чагылдырылсын.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген -Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун чыгымдарды эсепке алуу бөлүгүнүн **Талас мамлекеттик университетинде** жана Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде жана **И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети**нде негизги каражаттарды жана дебитордук карыздарды эсепке алуу бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана корутунду: С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде** жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында материалдык-жоопкер адамдан (кампабашчы) **5,0 миң сомго** товардык материалдык баалуулуктардын жетишсиздиги (курулуш материалдары) аныкталган.

**Сунуштама***:* С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде материалдык-жоопкер адамдын эсебинен жетпей калган 5,0 миң сомго ТМБ калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана корутунду: И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде** “Алан Групп” ЖЧКсы менен “1С: Бухгалтерия 8.2” конфигурациялоо программасын иштеп чыгуу жана тейлөө, эсепке алууну автоматташтыруу жана программаны орнотуу боюнча кызматтар үчүн келишими түзүлгөн. “Алан Групп” ЖЧКсы тарабынан келишимдин шарттарында каралган милдеттенмелери толук аткарылган эмес (орнотулган программа толук кандуу иштебейт) 203,0 миң сомго чыгымдар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде “Алан Групп” ЖЧКсы тарабынан келишимдин шарттарында каралган милдеттенмелерин толук аткарылышын талап кылуу иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду: Жалал-Абад мамлекеттик университетинин филиалы Таш-Көмүр инженердик педагогикалык факультети** мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдикүү реестиринде каралган кызматтар боюнча алынган кирешеден 2023-жылы **21 657,0 миң сом** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин талаптары сакталбастан, бирдиктүү казыналык эсептен тышкары, мекеменин кассасынан түздөн-түз чыгымдалган.

**Сунуштама: Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин филиалы Таш-Көмүр инженердик педагогикалык факультети** акы төлөөчү кызматтардан түщкөн кирешелер бирдиктүү казыналык эсеп аркылуу жүргүзүлсүн жана каражаттарды казыналыктан сырткары чыгымдоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Командировкалык чыгымдар**

**Аныкталды жана корутунду: Баткен мамлекеттик университетинде** жооптуу жактарга акча каражаттары берилип, бирок тиешелүү бухгалтердик отчеттор берилбегендиктен 2023-жылдын 31-декабрына карата 32,4 миң сом дебитордук карыз келип чыккан. Андан сырткары иш сапары боюнча 8,5 миң сомго аванстык отчеттор тапшырылган эмес. *(Аудиттин жыйынтыгы менен 10 кызматкерден жалпы 40,9 миң сом ордуна коюлган).*

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен:

- **Ош мамлекеттик университетинде**, 2023-жылы 11 кызматкерге жалпысы **53,4 миң сомго** командировкалык чыгымдар тастыктоочу документтерисиз төлөнгөн;

- **К Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин А.Дуйшеев атындагы Кыргыз Ветеринария илимий-изилдөө институтунда** жол кире чыгымдарына ашыкча 6,8 миң сом төлөнгөн;

- **Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кочкор-Ата колледжинде** жол кире чыгымдарына 8,8 миң сом ашыкча төлөгөн *(аудит учурунда ордуна коюлган);*

- **Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунда** мейманкана чыгымдары буйруктан белгиленген күндөргө караганда көбүрөөк күн үчүн 5 кызматкерге 10,3 миң сомго төлөнгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен

ашыкча командировкалык чыгымдарга жол берген тиешелүү кызматкерлер тарабынан ордуна коюлсун, билим берүү уюмдарында:

- **Ош мамлекеттик университетинде -53,4 миң сом, К Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин А.Дуйшеев атындагы Кыргыз ветеринария илимий-изилдөө институтунда**-6,8 миң сом, **Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунда**-10,3 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду: Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун 1-пункту сакталбастан, 2023-жылда жеке менчик автоунаасын пайдаланган 4 кызматкерге акчалай компенсациянын ордуна **51,3 миң сомго** КММ (бензин) берилген.

**Сунуштама:** Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун 1-пунктуна ылайык, жеке менчик автоунаасын пайдаланган кызматкерге акчалай компенсация төлөнсүн.

**Аныкталды жана корутунду: Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде** Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдагы 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майларды колдонуудагы нормалардын аныктамасы жана аларды эсептөөнүн методикасы сакталбастан, нормадан ашыкча 3 576 литр бензин же **216,9 миң сом** чыгымдалган.

**Сунуштама:** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде Кыргыз Республикасынын транспорт жана коммуникация министрлигинин 2015-жылдагы 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген, Автоунааларга күйүүчү жана майлоочу майларды колдонуудагы нормалардын аныктамасы жана аларды эсептөөнүн методикасына ылайык, авторанспорт каражаттарына күйүүчү майлар чыгымдалсын жана тиешелүү кызматкерлер тарабынан ордуна коюлсун.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды жана корутунду**: Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесин бузуу менен мамлекеттик жана муниципалдык мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн ижара акысы республикалык бюджетке которулган эмес, төмөндөгү мекемелерде: **М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде** -106,5 миң сом**, Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде** -284,3 миң сом, **Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** -321,9 миң сом, **Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Таш-Көмүр ш. инженердик педагогикалык факультетинде** -12,0 миң сом, **Талас мамлекеттик университетинде** -12,0 миң

сомго, **К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде** -27,0 миң сом (аудит учурунда республикалык бюджеттин кирешесине которулган), **И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде-** 1 154,4 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесине ылайык, мүлктөрдү ижарага берүүдөн түшкөн 1 891,1 миң сом республикалык бюджетке которулсун.

Өз убагында ижара акысын республикалык бюджетке которбогондугу үчүн кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду: Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин** имараттарын кыш мезгилинде жылытуу үчүн жылуулук берүүчү жай (котельный) Ош ш. мэриясы тарабынан Университеттин жер тилкесинде курулган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы №535 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик менчикте турган жер тилкесин берүү тартиби жөнүндө" Жобонун талаптарын бузуу менен, университеттин аймагындагы жер тилкесин Ош мэриясына караштуу "Жылуулук борбору" муниципалдык ишканасы ижара акысыз пайдаланат.

Аудит Ош мамлекеттик педагогикалык университети менен түзүлгөн комиссиянын негизинде Ош мэриясына караштуу "Жылуулук борбору" муниципалдык ишканасы пайдаланган жер участокторунун ижара акысына 27,8 миң сом эсептеген.

**Сунуштама:** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде Ош мэриясына караштуу "Жылуулук борбору" муниципалдык ишканасынын жер участокту пайдаланышын белгиленген тартипте жөнгө салынсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы № 183 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" Жобонун 80-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 14-сентябрындагы №501 "Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө" нускаманы бузуу менен **К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде** мамлекеттик мүлктөрдү ижарага берүүдө 465,1 миң сомго ижара акысы туура эмес эсептелип чегерилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" Жобонун 80-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 14-сентябрындагы №501 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө" нускамага ылайык, *К.И.Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде* **465,1 миң сомго** ижара акысын талап кылуу иш-чаралары жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду:**

**К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети** жана типография “Кут Бер” ЖЧКсы менен 2021-жылы 16-сентябрында №700 “Мамлекеттик кыймылсыз мүлктү ижаралоо” келишими түзүлгөн. Аталган келишим мамлекеттик мүлктү башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы менен макулдашылган.

2021-жылы 16-сентябрында №700 “Мамлекеттик кыймылсыз мүлктү ижаралоо” келишиминин 1-пунктуна ылайык, ижарага берилүүчү аянт 174,50 чарчы метрди түзөт.

Келишимдин 2-пунктуна ылайык, ижаранын мөөнөтү үч жыл, же 2021-жылдын 11-августунан тартып 2024-жылдын 11-августуна чейин деп көрсөтүлгөн. Аянты 174,5 чарчы метр болгон мамлекеттик курулманы, имараттын ижара акысы айына 23 670 сомду түзгөн (8-пункт).

Аудит учурунда ижарага берилген жайлардын жалпы аянтын текшерүүнүн жыйынтыгында түзүлгөн 2025-жылдын 7-мартындагы Актысына ылайык, ижарачы “Кут Бер” ЖЧКсы ээлеген аянтты өлчөөдө 174,5 ч.м ордуна 185,19 ч.м. (эсеби тиркелет) аныкталган жана 145,2 миң сомго каражаттардын жоготуусуна алып келген.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 14-сентябрындагы №501 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө” нускаманы бузуу менен ижара акысы 98,5 миң сомго аз эсептелинген.

“Кут Бер” ЖЧКсы тарабынан ижара акысына 201,8 миң сом карызы жана пайдаланган электр энергиясына 152,7 миң сом төлөнбөй, жалпы атайын каражаттар эсебинин жоготуулары 598,2 миң сомду түзгөн.

Сунуштама: Ижарачы “Кут Бер” ЖЧКсы тарабынан ижара акысына жана электр энергиясына төлөмдөр жүргүзүлбөгөндүгү тууралуу Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына маалымат жөнөтүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду: К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин С. Турсунов атындагы Бишкек агроэкономикалык колледжинде** №6 эки кабаттуу 399,21 чарчы метр жана №3 эки кабаттуу студенттердин жатаканасы 796,4 чарчы метр Киргшелк айылынын Мичурина көчөсүндө жайгашкан.

Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министрлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 14-сентябрындагы №501-п буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө” нускаманын негизинде ижарага берилбей аудит камтыган мезгил аралыгына жалпы 868,6 миң сом колледждин атайын каражаттар эсебинин жоготууларына алып келген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү

тартиби жөнүндө” токтомуна жана Кыргыз Республикасынын экономика жана комерция министирлигине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 14-сентябрындагы №501-п буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалангандыгы үчүн ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө” нускамага ылайык, К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин С. Турсунов атындагы Бишкек агроэкономикалык колледжинде ижара мамилелери боюнча атайын каражаттар эсебинин жоготууларын жоюу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду: К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук Агрардык университетинин Окуу тажрыйба чарбасынын** жатаканасында 39 үй-бүлө же 109 бөлмөдө жайгашкан жана аларга 156,5 миң сом ижара ара акысы эсептелинип, 145,1 миң сом төлөнүп берилген. (1чарчы 12 сомдон).

Бирок, Кыргыз Республикасынын экономика жана коммерция министирлигине караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 14-сентябрындагы №501-п буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижара акысы эсептөө үчүн, ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө” нускамасы сакталбастан, Окуу тажрыйба чарбасы тарабынан ижара акысы 60,2 миң сомго кем эсептелип чегерилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын экономика жана комерция министирлигине караштуу мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фондунун 2022-жылдын 14-сентябрындагы №501-п буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик, анын ичинде административдик курулмаларды, имараттарды пайдалануу үчүн ижара акысы эсептөө үчүн, ижара акысын эсептөө тартиби жөнүндө” нускаманын негизинде иш жүргүзүлүп, келишимдин шарттарында ижара акысы кайрадан каралсын.

**Аныкталды жана корутунду: К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” жобонун 9, 17, 80 жана 81-пункттарында көрсөтүлгөн талаптарын бузуу менен, 2023-жылы “СкайМобайл” ЖЧКсына 100,0 чарчы метр жерге антенна орнотуу үчүн ижара келишими түзүлбөстөн пайдаланууга берилген. Жыйынтыгында, ижара акысы эсептелбегендиктен бюджеттик жоготуулар эсеп менен 83,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама: К.** Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарына ылайык, “СкайМобайл” ЖЧКсы менен ижара келишими түзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду: И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде** 2023-жылдын аягына ижара акысы боюнча карызы 596,1 миң сомду түзгөн.

2023-жылдын 1-январына карата жер участкасын ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 29-беренесинин 1-пунктуна ылайык, ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы ушул беренинин 5-9-пункттарында жана Жер Кодексинин 32-беренесинде каралгандан башка учурларда, жер участогун менчикке же пайдаланууга, электрондук форматта өткөрүлүшү мүмкүн болгон тоорукта сатуу аркылуу беришет. Тоорукка коюлган жер участогунун баштапкы старттык баасы жердин рыноктук наркы болуп саналат.

Демек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы №535 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө” жобонун 5-пунктуна шайкеш келбеген шартта, жер участогуна ижара келишимин бекитүү укугуна тоорук өткөрүү аркылуу берилбестен, 12 келишим түзүлгөн.

2023-жылдын 31-декабрына карата жер участкаларды ижарага берүүдөн карыз 2 610,2 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, ижарачылар менен түзүлгөн келишимдин 6.2 пунктунда өз убагында ижара акысын төлөбөгөндүгү үчүн ижарачыга 0,1% туум (пеня) эсептелинүүсү көрсөтүлгөн иш чаралары аткарылган эмес жана ижарачы тараптан ижарага алган кыймылсыз мүлктү өткөрүп берген кезде да ижара акысы өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде жер участкаларын ижарага берүүдө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 9-октябрындагы № 535 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик менчикте турган жер участокторун берүү тартиби жөнүндө” жобонун 5-пунктуна ылайык келтирилип, жер участокторун ижарага берүү үчүн түзүлгөн келишимдер кайрадан каралсын жана ижара акысын чегерүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Коммуналдык чыгымдар боюнча белгиленген лимиттердин сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-апрелиндеги №158-т тескемесинин, Министрликтин 2023-жылдын 26-декабрынын №5676/1 буйругунун негизинде бекитилген электр энергиясынын, жылуулук энергиясынын керектөөнүн лимиттери сакталбастан, 2023-жыл ичинде бекитилген ченемден ашыкча **17 316,8 миң сомго** чыгымдалган, анын ичинде: **Б.Т.Турусбеков атындагы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясында** 123,9 миң сомго, **Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Узбек университетинде** 1 982,2 миң сомго, **И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде** 2 198,3 миң сомго, **Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинде** 7 203,7 миң сомго электр энергиясы, 5 808,7 миң сом жылуулук энергиясы ашыкча пайдаланылган.

**Сунуштама:** Коммуналдык кызматтарды керектөөнүн бекитилген лимиттеринин ашыкча чыгымдалышы талданып жана лимиттерди бекитүүдө, жаңы ишке киргизилген жабдуулардын, жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин (имарат) көбөйүшүнө байланыштуу электр энергиясынын жана жылуулук энергиясынын лимитин жогорулатуу маселеси каралсын.

**Аныкталды жана корутунду: Ош мамлекеттик университетинин** №2 жатакананын 1-кабатын окуу-өндүрүштүк имарат катары пайдаланылган, "Ыйман" лицейинин жатаканасынын 32 бөлмөсү окуу имараты катары пайдаланылгандыгы алар боюнча электр энергиясын эсептөөчү приборлорун 2023-жылдын январь-февраль айларына электр-энергиясын калк керектөөчү жана коммерциялык керектөөчү багыты бөлүнбөгөндүгү үчүн Ош электр тармактар ишканасына 2023-жылдын январь айына 82,0 миң сом, февраль айына 250,9 миң сом жалпысы 332,9 миң сомдук айып пул төлөнүп берилген. Университеттин тиешелүү электр жабдууларын көзөмөлдөө кызматкерлери тарабынан убагында иш-чара алынып барылбагандыгынын натыйжасында университеттин **332,9 миң сомдук** акча каражатын сарамжалсыз пайдаланууга жол берилген.

**Сунуштама:** Ош мамлекеттик университетинин электр тармактарын тейлөөчү тиешелүү кызматкерлер тарабынан, мындан ары окуу-өндүрүштүк имарат катары пайдаланылган жатаканалар боюнча электр-энергиясын пайдалануу "калк керектөөчү" жана "коммерциялык керектөөчү" багыттарын бөлүү боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн жана ашыкча сарамжалсыз чыгымдоого жол берилбесин.

**Башка бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду:**

**Ош мамлекеттик университетинин** 2016-жылдын 17-октябрындагы №239/1-ч буйругунун 3,5-пункттарын бузуу менен №6 жатаканасынын жашоочулары, алар 37 кызматкерлер жана 10 башка жарандар жатакана үчүн 1 969,9 миң сом (коммуналдык чыгымдары менен кошо эсептегенде) төлөмдөр (кызматкерлерден 779,8 миң сом, башка жарандардан 1 190,0 миң сом) жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама: Ош мамлекеттик университетинде** жатаканадагы жашоочулар менен ижара мамилелери жөнгө салынсын жана 1 969,8 миң сом ижара акысын талап кылуу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Сатып алуулар чөйрөсүндөгү бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду:**

-**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде:** Келишимдердин шарттарында каралган мөөнөттөрүндө товарлар жеткирилбегендиктен, 59 058,5 миң сом айыптык төлөмдөр эсептелинген эмес;

-Административдик жана окуу корпусунун курулуш иштерин аткарган "Эмгек курулуш" ЖЧКсынан келишимге ылайык 10% келишимди аткаруу кепилдиги 29 368,8 миң сом убагында университеттин депозиттик эсебине чегерилген эмес;

**М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде** контракт боюнча аткаруу жана жеткирүү мөөнөтүнөн кечиктирилгендиги үчүн берүүчүлөрдүн эсебинен 91,1 миң сом айып пул санкциялары эсептелген эмес.

**Аныкталды жана корутунду:**

**М. Рыскулбекова атындагы Кыргыз экономикалык илимий-изилдөө университетинде** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесин бузуу менен 2023-жылы отчет берүүчү адамдар аркылуу алардын карточкалык эсептерине акча каражаттарын которуу жолу менен сатып алуулардын жол-жоболорусуз жана бааларга мониторинг жүргүзүлбөй 790,6 миң сомго кеңсе, чарбалык материалдар сатылып алынган.

- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктун бузуу менен бир булактан түзүлгөн келишимдер “Бакай Темир” ЖЧКсы менен 556,2 миң сомго №3 окуу корпусунун дааратканаларын жана 637,0 миң сомго ашканасын оңдоо боюнча, андан тышкары “Кыргыз Нефть” ЖЧКсы менен 59,9 миң сомго отун сатып алуу бааларды милдеттүү түрдө мониторинг жүргүзүлбөй түзүлгөн.

**Сунуштама:** Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууларга түзүлгөн Келишимдерде каралган милдеттенмелерин мөөнөтүндө аткарылбагандыгы үчүн айыптык төлөмдөрдү талап кылуу маселеси каралсын (орто эсеп менен эсептелген), **Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** -59 058,5 миң сом **жана М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетинде -** 91,1 миң сом.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамын бузуу менен, мамлекеттик сатып алууларды жүргүзгөн мамлекеттик сатып алуулар боюнча жооптуу кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Орто кесиптик билим берүү боюнча**

**Товардык-материалдык баалуулуктардын жана негизги каражаттардын эсептери**

**Аныкталды жана корутунду:** 24,9 миң сом суммасында товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгуусу аныкталган, анын ичинен: Ноокат районундагы М. Гапаров атындагы жөндөмдүү балдардын жатак-гимназиясында 6,3 миң сом (ордуна коюлган), Сокулук районундагы сүйлөөдө оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебинде - 1,5 миң сом (ордуна коюлган), Чаткал районундагы В.И. Ленин атындагы жатак-мектебинде 1,0 миң сом, М. Раззаков атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн Мырза-Аки жатак-мектебинде 9,8 миң сом, Краснореченка атайын жалпы билим берүүчү(көмөкчү) жатак-мектебинде 6,3 миң сом (ордуна коюлган).

**Сунуштама:** Товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгуусуна жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

ТМБ кем чыгуусу 10,8 миң сом калыбына келтирилсин, анын ичинде: Чаткал районундагы В.И. Ленин атындагы жатак 1,0 миң сом, М. Разаков атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлүсүз калган балдар үчүн Мырза-Аки жатак мектебинде 9,8 миң сом.

**Эмгек акы төлөөнүн шарттарынын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобону бузуу менен компьютерде иштегендиги үчүн, жумуш орундарын аттестациялоосуз **452,7 миң сомго** кошумча эмгек акы төлөнгөн, анын ичинен: Сокулук районундагы сүйлөөдө оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебинде 353,4 миң сом, Ж. Ниязов атындагы атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак-мектебинде 33,5 миң сом, Кара-Суу районундагы дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектебинде 21,2 миң сом, Ош шаарындагы азиз жана начар көргөн балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебинде 44,6 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтомуна ылайык, жумуш орундарын аттестациялоосуз оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү төлөө токтотулсун, жумуш орундарын аттестациялоосуз үстөк төлөмдөргө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориядагы кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндө" токтомунун талаптарын бузуу менен **20 064,2 миң сом** өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн, анын ичинен:

- эселөө коэффициенттерин туура эмес колдонуудан **17 015,2 миң сомго**, анын ичинен**:** Ж. Бөкөнбаев атындагы окуу-тарбиялык комплекси -21,1 миң сом, Баткен областтык гимназия-жатак мектеби -195,9 миң сом, Ош Технологиялык университетинин Эл аралык Өзгөн технологиялык жана билим берүү институту -22,0 миң сом, Кочкор-Ата шаарындагы Н. Исанов атындагы жатак-мектеби -337,9 миң сом, "Кыргыз экономикалык университети" Илимий изилдөө университетинин Бишкектеги А. Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникуму- 16 438,3 миң сом;

- педагогикалык иш стажы үчүн кошумча акыны туура эмес аныктоодон 112,4 миң сомго, анын ичинен: Сокулук районундагы сүйлөөдө оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектеби -71,4 миң сом, Ноокен районундагы Ж. Ниязов атындагы атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак-мектеби -31,2 миң сом, Ош Технологиялык университетинин Эл аралык Өзгөн технологиялык жана билим берүү институту -9,8 миң сом;

- Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинде 42,7 миң сом эмгек өргүү эсептөөдө 21 өргүү күнгө ашыкча эсептелген;

- ашыкча жүктөмдөргө 1 286,9 миң сом эсептелген, анын ичинен: Кыргыз Республикасынын Улуттук сүрөт академиясынын алдындагы көркөм сүрөт мектеп интернаты -66,5 миң сом, Кара-Суу районундагы дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектеби -62,3 миң сом, Угуусу начар жана кечирээк укпай калган балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектеби -1158,1 миң сом;

- ашыкча ставкаларды күтүүгө 816,7 миң сом, анын ичинен: Сүлүктү ш. атайын жалпы билим берүүчү (көмөкчү) жатак мектеби -29,6 миң сом, К. Тилебалиев атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн Панфилов жатак мектеби -126,0 миң сом, Чаткал районундагы В.И. Ленин атындагы жатак мектеби -23,0 миң сом, М. Разаков атындагы жетим балдар жана ата-энелеринин көзөмөлчүлүгүсүз калган балдар үчүн Мырза-Аки жатак мектеби -128,0 миң сом, "Кыргыз экономикалык университети" илимий изилдөө университетинин Бишкектеги А. Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникуму -510,1 миң сом;

- айкалыштырып иштегендиги үчүн ашыкча эсептөө 229,1 миң сомго, анын ичинде: Кара-Суу районунун дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектеби -101,9 миң сом, "Эмгек резерви" дене тарбия жана спорт республикалык борбору-28,2 миң сом, Балдардын жана өспүрүмдөрдүн "Сейтек" улуттук борбору -99,0 миң сом;

- эмгекке убактылуу жарамсыздык боюнча жөлөкпулдарды төлөп берүүдө 112,4 миң сомго, анын ичинен: "Сейтек" Улуттук балдар жана өспүрүмдөр борбору 1,5 миң сомго аз эсептелген (арыз боюнча), Кыргыз экономикалык университети илимий изилдөө университетинин Бишкектеги А. Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникуму (жеңил бөөдө кырсыктарды териштирүү жана эсебин алуудa)-110,9 миң сом;

- К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледжинде жумуштан бошоп кеткен кызматкерлердин эмгек акысынан аванстык төлөмдөр 289,9 миң сом кармалган эмес.

**Сунуштама:** Эмгек акыга ашыкча төлөмдөр тариздeлсин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген, "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөө жөнүндө" Жободо белгиленген нормаларга ылайык эсептөөлөр жүргүзүлсүн.

Аталган токтомдо белгиленген ченемдерди бузуу менен эмгек акы төлөмдөрүнө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледжинде жумуштан бошоп кеткен кызматкерлердин эмгек акысынан аванстык төлөмдөр 289,9 миң сом күнөөлүү адамдардын эсебинен чегерилсин.

"Сейтек" Улуттук балдар жана өспүрүмдөр борборунда 1,5 миң сом жөлөкпул эсептелинсин.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен “Эмгек резерви” дене тарбия жана спорт республикалык борборунда айлык маянага эселөө коэфициенти ашыкча 54,5 миң сом эсептелген.

**Сунуштама: “Эмгек резерви” дене тарбия жана спорт республикалык борборунда** айлык маянага эселөө коэфициенттери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 “Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунда белгиленген ченемдерге ылайык келтирилсин.

Каралбаган ашыкча төлөмдөргө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Коммуналдык чыгымдар боюнча белгиленген лимиттердин сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-апрелиндеги №158-т тескемесинин негизинде бекитилген жылуулук жана электр энергиясын керектөөнүн лимиттери сакталбастан **1 217,7 миң сомго** электр энергиясы**, 613,5 миң сомго** жылуулук энергиясы ашыкча чыгымдалган, анын ичинен төмөндөгү мекемелерде:

**Т. Эрматов атындагы Бишкек музыкалык-педагогикалык институтунда** –226,4 миң сом, **Кара-Суу дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектебинде** - 266,9 миң сом, **Ош соода –экономикалык колледжинде (Ош көп профилдүү колледжи)** –706,7 миң сом, **Балдардын жана өспүрүмдөрдүн “Сейтек” улуттук борборунда** -74,3 миң сом, **Дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүү жатак-мектебинде** –556,9 миңсом.

**Сунуштама:** Коммуналдык кызматтарды керектөөнүн бекитилген лимиттеринин ашыкча чыгымдалышы тариzделсин жана лимиттерди бекитүүдө, жаңы ишке киргизилген жабдуулардын, жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин (имарат) көбөйүшүнө байланыштуу электр энергиясынын жана жылуулук энергиясынын лимитин жогорулатуу маселеси каралсын.

**Тамак - аш азыктарын эсептен чыгаруу нормаларын сактоо**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 “Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө” токтому менен белгиленген тамак-аштын эсептик акчалай ченемдери сакталбастан, белгиленген ченемдерден **1 287,2 миң сомго** ашыкча тамак-аш азыктары эсептен чыгарылган, анын ичинен: Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинде – 958,9 миң сом, Чаткал районундагы В.И. Ленин атындагы жатак мектебинде-328,3 миң сом.

**Сунуштама:** Улуттук инновациялык технологиялар мектеп-лицейинде, Чаткал районундагы В.И. Ленин атындагы жатак мектебинде Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 “Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө” токтомуна (2024-жылдын 19-декабрындагы киргизилген өзгөртүүлөр редакциясында) белгиленген ченемдерге ылайык, тамак-аш азыктары эсептен чыгарылышы камсыздалсын.

**Штаттык бирдиктердин сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 “Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябры №788 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдорун бузуу менен, каралбаган штаттык бирдиктерди күтүүгө 506,5 миң сом чыгымдалган, анын ичинде: **Ж. Бөкөнбаев атындагы окуу-тарбиялык комплекси** – 194,6 миң сом, **Кара-Суу районунун дүлөй балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак мектеби** – 185,5 миң сом, **“Алтын түйүн” Улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы** - 126,4 миң сом.

**Сунуштама:** Штаттык бирдиктери Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 “Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябры №788 “Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин системасынын орто жана жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомдорунда белгиленген ченемдерге ылайык келтирилсин.

Ашыкча штаттык бирдиктерди күтүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Окуу процесстерин уюштуруу боюнча**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” Жобонун 16-пунктуна ылайык, 2022-2023-окуу жылынын экинчи жарым жылдыгында жана 2023-2024-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү

уюмдарында бюджеттик негизде окуган, бирок ар түрдүү жана жүйөсүз себептерден окуусунан четтетилген студенттерге **4 739,0 миң сом** өлчөмүндө бюджеттик каражаттар сарпталган, анын ичинен: Ош шаарындагы курулуш колледжи 475,0 миң сом, Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжи 7,2 миң сом, К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледжи 380,8 миң сом, “Муса Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети” илимий изилдөө университетинин Бишкектеги А.Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникуму 3 876,0 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-июнундагы №355 токтому менен бекитилген, “Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүүчү билим берүү уюмдарынын мамлекеттик билим берүү гранттары жана бюджеттик орундары жөнүндө” Жобонун 16-пунктуна ылайык, бюджеттик негизде окуган студенттердин ар түрдүү жана жүйөөсүз себептерден окуудан четтетилгендигине байланыштуу, адисти даярдоого сарпталган чыгымдардын ордун толтуруу боюнча иш-чаралар жургүзүлсүн: Ош шаарындагы курулуш колледжи -475,0 миң сом, Т. Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжи -7,2 миң сом, К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледжи -380,8 миң сом, Кыргыз экономикалык университети илимий изилдөө университетинин Бишкектеги А.Токтоналиев атындагы финансы-экономикалык техникуму - 3 876,0 миң сом.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесинин, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, “Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобонун талаптары сакталбастан, мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдөн түшкөн каражаттар республикалык бюджетке которулган эмес.

- **Ош шаарындагы курулуш колледжинде** 26,0 миң сом (аудит учурунда Мамлекеттик мүлктү башкаруу мамлекеттик органына которулган);

- **К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледжинде** 2023-жылга ижарачылардын дебитордук карызы 1 162,7 миң сомду, ал эми Мамлекеттик мүлк фондуна ижара акысы боюнча карыз **6 882,3 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:**

- К. Көлбаев атындагы Бишкек автомобиль-жол колледжинде Кыргыз Республикасынын “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кодексинин 101-беренесине ылайык, ижарачылардан 1 162,7 миң сомго дебитордук карыз жана 6 882,3 миң сом ижара акысы, жалпы 8 045,0 миң сом республикалык бюджеттин эсебине которулсун.

**Аныкталды жана корутунду**

**“Сейтек” Улуттук балдар жана өспүрүмдөр борборунда** “Сейтек” Улуттук балдар жана өспүрүмдөр борбору директору Челпакова С.М.

атынан, 2019-жылдын 15-октябрында, “Жергиликтүү маанидеги архитектуралык объектти колдоо” коомдук бирикмеси менен (төрага – Балтабаева И.К.) өз ара түшүнүшүү жана кызматташтык жөнүндө Меморандум түзгөн.

Меморандумга ылайык, “Сейтек” борбору Коомдук бирикмеге иш-чараларды өткөрүү үчүн акысыз негизде 608 орундуу көрүүчүлөр залы менен кошумча жайды убактылуу пайдаланууга берет. Ал эми түшкөн каражаттар коммуналдык кызматтарга, музыкалык аппаратураны сатып алууга жана тейлөөгө, оңдоо иштерине жана башка чыгымдарга багытталышы керек. Ошол эле учурда, “Жергиликтүү маанидеги архитектуралык объектти колдоо” коомдук бирикмеси борбордун келечектүү долбоорлорун комплекстүү каржылоо механизмдерин ишке ашырууга көмөк көрсөтүүгө милдеттенет.

**Сунуштама:**

“**Сейтек” Улуттук балдар жана өспүрүмдөр борборунда** “Жергиликтүү маанидеги архитектуралык объектти колдоо” коомдук бирикмеси менен түзүлгөн Меморандумдан келип чыккан мамилелерди изилдеп, алардын натыйжалары мыйзамдарга ылайык каралсын.

**Командировкалык чыгымдары**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомун бузуу менен командировкалык чыгымдарды төлөп берүүдө белгиленген нормадан 42,1 миң сом ашыкча төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын ичинен: Республикалык илимий-методикалык борбору -7,0 миң сом, “Эмгек резерви” дене тарбия жана спорт республикалык борбору -26,3 миң сом, “Алтын түйүн” Улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы -4,3 миң сом, Баткен мамлекеттик университетинин Сүлүктү педагогикалык колледжи - 4,5 миң сом.

**Сунуштама:** Командировкалык чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунда каралган нормаларга ылайык жүргүзүлсүн.

Ашыкча төлөнгөн командировкалык чыгымдар тиешелүү кызматкерлердин эсебинен ордуна коюлсун, төмөндөгү мекемелерде: Республикалык илимий-методикалык борбору -7,0 миң сом, “Эмгек резерви” дене тарбия жана спорт республикалык борбору -26,3 миң сом, “Алтын түйүн” Улуттук балдар инженердик-техникалык академиясы -4,3 миң сом, Баткен мамлекеттик университетинин Сүлүктү педагогикалык колледжи - 4,5 миң сом.

**Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун 7-главасынын, “Дебитордук карызды эсепке алуу” параграфынын эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **4 517,7 миң сомдук** дебитордук карыздар төмөндөгү мекемелерде аныкталган: **Кыргызстан Эл аралык университетинин Политехникалык колледжинде-** 27,4 миң сом, **Ноокат районундагы М. Гапаров атындагы жөндөмдүү балдардын жатак-гимназиясында** -520,3 миң сом, **Ноокат районунун Токтогул атындагы санаториялык мектеп-интернатында** -501,9 миң сом, **Чүй областынын Сокулук районундагы сүйлөөдө оор бузуулары бар балдар үчүн атайын жалпы билим берүүчү жатак-мектебинде** -1 640,5 миң сом (калыбына келтирилген) жана **Чаткал районундагы В.И. Ленин атындагы жатак мектебинде** -1 827,6 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, **“**Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун 7-главасынын “Дебитордук карызды эсепке алуу” болүгүнө ылайык, **2 877,2 миң сомдук** дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте чагылдырылсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Инвентаризациялоонун жыйынтыгында 4 673,4 миң сомго пайдаланууга жараксыз атайын техникалар жана жабдуулар аныкталган, анын ичинен: **Ош айыл-чарба техникумунда** 4 348,6 миң сомго жана **Үч-Коргон жалпы билим берүү орто мектебинде** 324,8 миң сомго.

**Сунуштама:** Ош айыл-чарба техникумунда 4 348,6 миң сомго жана Үч-Коргон жалпы билим берүү орто мектебинин кампасында 324,8 миң сомго пайдаланууга жараксыз атайын техникалар жана жабдуулар бухгалтердик эсептен чыгаруу боюнча иш-чаралар мыйзамдар чегинде жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду: Чүй областындагы мектеп-гимназиясынын** 1965-жыдын 17-декабрындагы №439 Кант районунун депутаттарынын чечимине ылайык жер аянты 11,8 га түзгөн. Аудит учурунда берилген маалымат боюнча мекеменин жер участогун мөөнөтсүз мамлекеттик актында жер аянтын 9,78 га көрсөтүлгөн. Мектеп-гимназиянын жеринде жеке үйлөр курулуп калган. Бул маселе боюнча соттук териштирүү болуп жатканы мектептин кызматкерлери тарабынан билдирилген, бирок аудитке эч кандай документтер берилген эмес.

**Сунуштама:** Чүй областтык мектеп-гимназиясына таандык жер тилкелери боюнча тиешелүү мекемелер менен тактоолор жүргүзүлүп, соттук териштирүүнүн жыйынтыктары боюнча маалымат берилсин.

**Башталгыч кесиптик билим берүү боюнча**

Кыргыз Республикасында башталгыч кесиптик билим берүүнүн системасы 100 окуу жайды камтыйт, алардын ичинен 93 кесиптик лицейлер, 6

– Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын түзөтүү мекемелериндеги кесиптик окуу жайлар, ошондой эле Токмок индустриалдык-педагогикалык колледжи.

Аймактар боюнча: Бишкек шаары - 16, Чүй областы - 20, Ысык-Көл областы - 8, Нарын областы - 7, Талас областы - 6, Жалал-Абад областы - 19, Ош областы - 13, Баткен областы - 11.

2022-2023-окуу жылына карата бюджеттик негизде окугандар– 14210 (3 жылдык окуу мөөнөтү менен 6100, окуу мөөнөтү 10 ай -11145).

**Министрлик аркылуу 100 кесиптик лицей каржыланат, окуучулардын саны 31455.**

Кызматкерлер:

- административдик персонал -725 штаттык бирдик;
- педагогикалык персонал - 2800 штаттык бирдик;
- техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал – 625 штаттык бирдик.

**Орточо эмгек акы:**

- административдик персонал -27 миң.сом;
- педагогикалык персонал – 31,5 миң.сом;
- техникалык жана кенже тейлөөчүү персонал –5,6 сомдон 11 миң сомго чейин.

**Бир жылга 1 окуучуга 86,9 миң сом мамлекеттен каржыланат.**

Бир күндүк норма тамак ашка 1 окуучуга кесиптик лицейде – 60 сом.

Бир күндүк норма тамак ашка өзгөчө муктаждыктары бар 1 окуучуга кесиптик лицейде– 160 сом.

Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарында академиялык жетишкендигине жараша айына 300-500 сомго чейин стипендия берилет.

**Штаттык бирдиктердин жана эмгек акы төлөөнүн шарттарынын сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдагы 29-майындагы №300 "Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомунун 3-бөлүгүн (Техникалык тейлөө персоналы) бузуу менен, Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын 20 мекемесинде бухгалтерлердин, кассирлердин жана ашкана жумушчуларынын штаттан сырткары 20,5 бирдигин күтүүгө **7 114,7 миң сом** каржыланган (Социалдык фондго чегерүүлөрдү эске алуу менен). **Сунуштама:** Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын (20 мекемесинин) штаттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдагы 29-майындагы №300 "Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык келтирилсин жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориядагы кызматкерлеринин эмгек акысын төлөө шарттары жөнүндө" токтомун бузуу менен менен тарификацияларды

түзүүдө, эселөө коэффициенттерди жана педагогикалык стаждарды туура эмес эсептөөдөн ж.б. **2 968,1 миң сом** өлчөмүндө эмгек акы төлөнгөн, анын ичинде:

- эселөө коэффициенттерин туура эмес колдонуудан **919,8 миң сомго**, анын ичинде: **№7 КЛ** – 43,8 миң сом (6,5 миң сом социалдык төгүмдөр), **№62 КЛ** – 16,5 миң сом (2,4 миң социалдык төгүмдөр), **№106 КЛ** – 25,3 миң сом (3,7 миң сом социалдык төгүмдөр) **№97 КЛ** – 834,2 миң сом (122,7 миң сом социалдык төгүмдөр);

- педагогикалык иш стажы үчүн ашыкча эсептөө **82,3 миң сомго**, анын ичинде**:** **№12 КЛ** – 7,0 миң сом (1,0 миң сом социалдык төгүмдөр), №**106 КЛ** – 55,3 миң сом (8,1миң сом социалдык төгүмдөр), **№18 КЛ** – 12,7 миң сом, **№59 КЛ** – 7,3 миң сом (1,0 миң сом социалдык төгүмдөр) жана **№62 КЛ 19,0 миң сом** үстөк акы аз чегерилген;

- эмгек өргүү эсептөөдө өргүү күнү ашыкча эсептелген **26,1 миң сомго**, анын ичинде: **№37 КЛ** – 21,6 миң сом, №**106 КЛ** – 4,5 миң сом (0,6 миң сом социалдык төгүмдөр);

- дептер текшергени үчүн кошумча акыны туура эмес эсептөө **1 161,4 миң сомго**, анын ичинде: **№7 КЛ** – 249,1 миң сом (36,6 миң сом социалдык төгүмдөр), **№19 КЛ** – 37,0 миң сом (3,0 миң сом төгүмдөр), **№65 КЛ** – 295,1 миң сом (43,4 миң сом социалдык төгүмдөр), **№70 КЛ** – 239,5 миң сом (35,2 миң сом социалдык төгүмдөр), **№8 КЛ** – 312,2 миң сом (45,9 миң сом социалдык төгүмдөр), **№21 КЛ** –28,5 миң сом (4,9 миң сом социалдык төгүмдөр);

- чыгымдар сметасында каралбаган сый акылар **778,5 миң сомго** эсептелген, анын ичинде: **№5 КЛ** – 10,9 миң сом, **№61 КЛ** – 208,0 миң сом, **№73 КЛ** – 17,1 миң сом, **№44 КЛ** – 138,6 миң сом, **№13 КЛ** – 53,5 миң сом (13,2 миң сом ордуна коюлган), **Талас областтык лицей-комплексинде** – 61,8 миң сом (ордуна коюлган);

- **№62 КЛ** – 288,6 миң сом (директорунун окуу-өндүрүш жана методикалык жумуш боюнча орун басары жогорку билими тууралуу диплому жок).

**Сунуштама:** Эмгек акы төлөмдөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 токтому менен бекитилген "Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндөгү" Жобого ылайык келтирилсин.

Ашыкча чыгымдарга жол берген билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын, төмөндөгү кесиптик лицейлерде: №5, №7, №8, № 12, №13, № 18, №19, №21, №37, №44, №59, №61, №62, №65, №70, №73, № 106 КЛ № 97 КЛ жана Талас областтык лицей-комплексинде.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 57-беренесине ылайык, жумуш убактысынын ченемдүү узактыгынан тышкаркы иш күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашпоого тийиш. Аудиттин жыйынтыгында, белгиленген 1,5 ставкадан ашыкча төлөмдөр **1 129,6 миң сомду** түзгөн, анын ичинде: №4 КЛ -303,0 миң сом, №18 КЛ – 89,1 миң сом, №48 КЛ –73,9 миң сом, №10 КЛ - 51,3 миң сом, №20 КЛ

- 50,8 миң сом, №91 КЛ - 111,4 миң сом. №94 КЛ - 231,7 миң сом, №2 КЛ – 218,4 миң сом.

**Сунуштама:** Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарында Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 57-беренесинин 4-пунктуна ылайык, жумуш убактысынын ченемдүү узактыгынан тышкаркы иш күнүнө 4 сааттан жана жумасына 20 сааттан ашык сааттарды берүү токтотулсун.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 токтому менен бекитилген, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Жобонун 3-пунктун бузуу менен жумуш орундарын аттестациялоосуз кошумча төлөмдөр 673,8 миң сомго кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын ичинен: - **№70 КЛ** -39,1 миң сом, **№34 КЛ** -37,2 миң сом, **№45 КЛ** - 484,1 миң сом, **№94 КЛ** -113,4 миң сом.

**Сунуштама:** №70, №34, №45, №94 КЛ Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдөрдү белгилөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө Жобого ылайык келтирилсин.

Каралбаган үстөк төлөмдөргө жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97 жана 169-беренелерин бузуу менен түнкү убакта иштегендиги үчүн 779,7 миң сом ашыкча төлөм жүргүзүлгөн, анын ичинде:- №12 КЛ -122,6 миң сом, №16 КЛ - 215,3 миң сом; №59 КЛ - 303,0 миң сом; №113 КЛ - 138,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 97 жана 169-беренелеринин талаптарын бузуу менен түнкү убакта иштегендиги үчүн кызматкерлерге ашыкча төлөмдөргө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Түнкү убакта иштегендиги үчүн эмгек акыны эсептөө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 56 жана 103-беренелерине ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун эмгек акы эсептөө бөлүгүн бузуу менен **№22 КЛ** штаттык ырааттамада катталбаган (иш жүзүндө иштебеген) 5 адамга түзүлгөн табелдин негизинде **626,8 миң сомго** эмгек акы төлөнүп берилген (2025-жылдын 3-февралындагы №01-11/24 каты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ысык-Көл областы боюнча башкармалыгына жөнөтүлгөн).

**Командировкалык чыгымдары**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомун бузуу менен иш сапар чыгымдары 30,1 миң сомго ашыкча төлөнгөн, анын ичинен: № 23 КЛ -7,6 миң сом, № 111 КЛ - 1,5 миң сом, № 36 КЛ -9,6 миң сом, №39 КЛ - 3,0 миң сом № 71 КЛ - 8,4 миң сом.

**Сунуштама:**

Командировкалык чыгымдарын төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык төлөмдөр жүргүзүлсүн жана 30,1 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун, төмөндөгү мекемелерде: №23 КЛ -7,6 миң сом, №111 КЛ - 1,5 миң сом, №36 КЛ -9,6 миң сом, №39 КЛ - 3,0 миң сом, №71 КЛ - 8,4 миң сом.

**Бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 7-главасынын, "Дебитордук карызды эсепке алуу" параграфынын эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **4 566,6 миң сомдук** дебитордук карыздар төмөндөгү уюмдарда аныкталган, алар: **№3 КЛ** -27,0 миң сом, **№4 КЛ** - 84,6 миң сом, **№18 КЛ** - 562,9 миң сом, **№54 КЛ** - 91,6 миң сом, **№33 КЛ** - 35,3 миң сом, **№55 КЛ** - 418,7 миң сом. **№85 КЛ** - 732,5 миң сом, **№26 КЛ** -757,6 миң сом, **№87 КЛ** - 365,2 миң сом, №56 КЛ – 664,5 миң сом, №97 КЛ - 826,7 миң сом. (Аудит учурунда №55 КЛ - 418,7 миң сомго, №85 КЛ - 732,5 миң сомго, №26 КЛ-757,6 миң сомго, №56 КЛ – 664,5 миң сомго, №87 КЛ - 365,2 миң сомго дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте калыбына келтирилген).

**Сунуштама**:

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун 7-главасынын "Дебитордук карызды эсепке алуу" бөлүгүнө ылайык, дебитордук карыздар эсепке алынсын, төмөндөгү уюмдарда: №3 КЛ - 27,0 миң сом, №4 КЛ – 84,6 миң сом, №18 КЛ – 562,9 миң сом, №54 КЛ – 91,6 миң, №33 КЛ – 35,3 миң сом №97 КЛ – 826,7 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 2-главасы Мамлекеттик башкаруу секторундагы финансылык отчеттуулукту түзүү, тапшыруу жана консолидациялоо тартибин бузуу менен бухгалтердик

отчетторду түзүүдөгү айырмачылыктар **1 164,3,0 миң сомго** аныкталган, анын ичинен: -**№23 КЛ** - 450,7 миң сомго, **№4 КЛ** - 127,4 миң сомго, **№29 КЛ** - 129,7 миң сомго, **№109 КЛ** - 23,9 миң сомго, **№45 КЛ** - 55,4 миң сомго, **№115 КЛ** - 377,2 миң сомго (39,9 миң сомго эмгек акы боюнча кредитордук карыз жана 337,3 миң сомго дебитордук карыз) А*удит учурунда № 115КЛ 337,3 миң сомго дебитордук карыз кызматкерлердин эмгек акысынан кармалып, республикалык бюджеттин кирешесине которулган, 39,9 миң сомго кредитордук карыз калыбына келтирилген.*

**Сунуштама:** Мамлекеттик башкаруу секторундагы финансылык отчеттуулукту тузүү, тапшыруу жана консолидациялоо тартибине ылайык, 787,1 миң сомго аныкталган айырмачылыктар, тиешелүү оңдоп-түзөөлөрдүн негизинде жоюлсун, анын ичинде **№23 КЛ** - 450,7 миң сомго**№4 КЛ** - 127,4 миң сомго **№29 КЛ** - 129,7 миң сомго, **№109 КЛ** - 23,9 миң сомго**№45 КЛ** - 55,4 миң сомго.

**Аныкталды жана корутунду:** Жогоруда аталган Жобонун 143-пунктун бузуу менен капиталдык оңдоолор боюнча чыгымдарга капитализациялоо жүргүзүлгөн эмес, бухгалтердик эсептен учурдагы чыгымдар катары чыгышталган **№14 КЛ** - 1 073,0 миң сомго, **№22 КЛ** - 622,5 миң сомго**, №85 КЛ** - 346,4 миң сомго, **№13 КЛ** - 144,0 миң сомго *(Аудит учурунда бухгалтердик жазуулар жүргүзүлүп, негизги каражаттардын балансттык наркы көбөйтүлгөн*).

**Аныкталды жана корутунду: №4 КЛ** “Азык-түлүк сатып алуулар” беренеси боюнча 1 216,4 миң сомго азык-түлүктөр тастыктоочу документтери жок эсептен чыгарылган.

**Сунуштама:** №4 кесиптик лицейинде 1 216,4 миң сомго тамак-аш азыктарын эсептен чыгарууга тиешелүү бухгалтердик документтердин таризделиши камсыздалсын.

**Товардык-материалдык баалуулуктардын жана негизги каражаттардын эсептери**

**Аныкталды жана корутунду:** Инвентаризациялоонун жыйынтыгында **288,0 миң сом**го товардык-материалдык баалуулуктардын жана негизги каражатттардын кем чыгуусу аныкталган, анын ичинен:

-**№31 КЛ** 1 даана трактор чиркегичи (1982-жылы чыгарылган) 6,1 миң сомго, 1 даана цистерна 2,0 миң сомго, жалпы 8,1 миң сомго;

- **№63 КЛ** 3,7 миң сомго азык-түлүктөр (калыбына келтирилген);

- **№73 КЛ** 2,4 миң сомго азык-түлүк (калыбына келтирилген) жана HP Probook 350 1 даана ноутбук 29,3 миң сомго, жалпы 31,7 миң сомго;

- **№22 КЛ** - 140,8 миң сомго, анын ичинен: майдалоочу аппарат 87,0 миң сом, таза суу чыгаруучу (тереңдик) насос 46,3 миң сом, Таврия ЗАЗ 1102 автомашина 1984-жылы чыгарылган 6,8 миң сом, автомашина ИЖ-2715, 1980-жылкы 0,7 миң сом (*2025-жылдын 3-февралындагы №01-11/24 каты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ысык-Көл областы боюнча башкармалыгына жөнөтүлгөн*);

- **№13 КЛ** – 103,7 миң сомго негизги каражаттар (2025-жылдын 13-мартына карата 14,1 миң сом ордуна коюлган).

**Сунуштама:**

Күнөөлүү адамдардын эсебинен товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгуулары калыбына келтирилсин:

-№31 КЛ боюнча трактор 1 даана чиркегичи (1982-жылы чыгарылган) 6,1 миң сомго, 1 даана цистерна 2,0 миң сомго, жалпы 8,1 миң сомго;

- №73 КЛ HP Probook 350 үлгүсүндөгү 1 даана ноутбук 29,3 миң сомго;

- №22 КЛ 140,8 миң сомго, анын ичинен: майдалоочу аппарат 87,0 миң сомго, таза суу чыгаруучу (тереңдик) насос 46,3 миң сомго, Таврия ЗАЗ 1102 автомашина, 1984-жылкы 6,8 миң сомго, автомашина ИЖ-2715 0,7 миң сомго.

- №13 КЛ 89,6 миң сом (негизги каражаттар).

**Аныкталды жана корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун бузуу запастарды эсептен чыгаруу бөлүгүн бузуу менен **№13 КЛ** 13,0 миң сомго ТМБ негизсиз эсептен чыгарылган. (*Аудит учурунда бухгалтердик эсепке алынган)*.

**Ижара мамилелери**

**Аныкталды жана корутунду**: Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" Жобону бузуу менен **№99 КЛ - 35,0 миң сом** жана **№39 КЛ -150,0 миң сом** ижара акылары республикалык бюджетке которулган эмес. Ошондой эле, **№47 КЛ 20,3 миң сом** жана **№10 КЛ 269,2 миң сом** өлчөмүндө ижара акысы боюнча дебитордук карызы бар.

**Сунуштама**:

Кыргыз Республикасынын "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодексинин 101-беренесине ылайык, №99 КЛ- 35,0 миң сом, №39 КЛ -150,0 миң сом, №47 КЛ -20,3 миң сом жана №10 КЛ -269,2 миң сом ижара акылары тиешелүү бюджетке которулсун.

**Аныкталды жана корутунду:** №4 КЛ жатаканасынын 1-этажын Улуттук тоолуу райондорду өнүктүрүү борбору келишим жок ээлейт.

**Сунуштама:** №4 КЛ Мамлекеттик мүлктү ижарага берүүдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 24-сентябрында №183 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө" Жобонун 8-главасына ылайык тиешелүү келишим түзүлсүн.

**Коммуналдык чыгымдар боюнча белгиленген лимиттердин сакталышы**

**Аныкталды жана корутунду**: Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 5-апрелиндеги №158-т текемесинин негизинде бекитилген жылуулук жана электр энергиясын керектөөнүн лимиттери сакталбастан **941,7** электр энергиясы белгиленген лимиттерден ашыкча чыгымдалган, анын ичинен : **№36 КЛ** – 321,6 миң сом, **№60** - 19,7 миң сом, **№91** - 37,0 миң сом, **№93** – 106,8 миң сом, **№18** - 54,9 миң сом, **№33** - 14,6 миң сом, **№39** - 32,9 миң сом, **№10** - 6,5 миң сом, **№22** - 107,7 миң сом, **№6** - 240,0 миң сом.

**Сунуштама:** Коммуналдык кызматтарды керектөөнүн бекитилген лимиттеринин ашыкча чыгымдалышы тариздელсин жана лимиттерди бекитүүдө, жаңы ишке киргизилген жабдуулардын, жүгүртүүдөн тышкаркы активдердин (имарат) көбөйүшүнө байланыштуу электр энергиясынын жана жылуулук энергиясынын лимитин жогорулатуу маселеси каралсын.

**Тамак - аш азыктарын эсептен чыгаруу нормаларын сактоо**

**Аныкталды жана корутунду**: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 “Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө” токтомун бузуу менен, белгиленген ченемдерден **560,1 миң сомго** ашыкча тамак-аш азыктары эсептен чыгарылган, анын ичинде: **№39 КЛ** - 123,0 миң сом, **№8** - 186,7 миң сом, **№21** - 2,1 миң сом, **№73** - 248,3 миң сом.

**Сунуштама:**

№39, №8, №21, №73, №53 жана №69 кесиптик лицейлеринде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы №7 “Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө” токтомуна (2024-жылдын 19-декабрындагы киргизилген өзгөртүүлөр редакциясында) белгиленген ченемдерге ылайык, тамак-аш азыктары эсептен чыгарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана Корутунду:**

**№97 кесиптик лицейинде** атайын эсебинин каражаттарын чыгымдодо Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин 2017-жылдын 21-декабрындагы №161-б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө" буйругунун талаптарын бузуу менен атайын эсебинин каражаттарын максатсыз 2222 “Учурдагы чарба максаттарына предметтерди жана материалдарды сатып алуу” беренесинен тамак- аш азыктары 24,1 миң сомго сатып алынган.

**Сунуштама:**

№97 кесиптик лицейде атайын эсебинин каражаттарын чыгымдодо Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы №5-б "Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү жөнүндө" буйругунун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын жана максатсыз пайдаланылган 24,1 миң сом тиешелүү бюджетке которулсун.

**Башка бузуулар**

**Аныкталды жана корутунду**: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмегин)" кирбеген кызмат үчүн (диплом берүү) **№10 КЛ** -37,1 миң сом жана **№91 КЛ** -36,6 миң сом, жалпы **73,7 миң сом** түшкөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобого тиркелген, атайын эсептин каражаттарына алынуучу башка каражаттардын тизмесине диплом берүү боюнча акы төлөнүүчү кызматты киргизүү каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 185,197-беренелеринин жана Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын 2 беренесинин талаптарына шайкеш келбестен №39 Кесиптик лицейи тарабынан лицейдин эс алуучу жайында (лагеринде) келишим менен иштеген кызматкерлерге 2023-жылы киреше салыгынан 45,4 мин сом жана социалдык камсыздандырууга төгүмдөр 137,5 мин сом эсептелинген эмес.

**Сунуштама:** 45,4 мин сом киреше салыгы жана 137,5 мин сом социалдык камсыздандырууга төгүмдөр тиешелүү бюджеттерге которулушу боюнча иш-чара жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**: Өз убагында салык жана социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча отчетторду тапшырбагандыгы жана электр энергиясына акы төлөбөгөндүгү үчүн **297,9 миң сомго** айып пулдар, туумдар чегерилип төлөнгөн, анын ичинен: №18 КЛ – 59,4 миң сом, №33 – 4,0 миң сом, №47–15,7 миң сом, №48– 9,5 миң сом, №72 – 31,4 миң сом, №109– 73,7 миң сом, №115– 36,8 миң сом, №53– 7,1 миң сом, №75– 58,5 миң сом жана №102 – 1,8 миң сом.

**Сунуштама:** Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарында өз убагында *с*алык жана социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча отчетторду тапшырбагандыгы жана электр энергиясына төлөбөгөндүгү үчүн бюджеттик жоготууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын: КЛ №18, №33, №47, №48, №72, №109, №115, №53, №75 жана №102.

**Аныкталды жана корутунду**: **№ 42 *КЛ*** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүнүн белгилөө жөнүндө" токтомун бузуу менен, лицейдин 1 (бир) студентине эң жакшы деген баалары жок болгондугуна карабастан 2,2 миң сомго стипендия төлөнгөн.

**Сунуштама**

№42 КЛ студенттерге стипендия төлөө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2005-жылдын 27-июнундагы №261 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү уюмдарынын студенттерине жана окуучуларына стипендиялардын өлчөмдөрүнүн белгилөө жөнүндө” токтомунун 1-пунктуна ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду:**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банкынын 2018-жылдын 28-мартындагы №166/51-6 “Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны 2018 - 2023-жылдарга (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө” токтому сакталбастан, №28 кесиптик лицейинде 1 415,7 миң сом суммасында накталай акча каражаттары менен кассалык операциялар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы 737/67-7 "Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 2023-2027-жылдарга Мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө" токтомуна ылайык кызмат көрсөтүүлөр, товарлар, материалдар, отчет берүүчү суммалар үчүн төлөмдөр боюнча акча каражаттарын кабыл алуу, ошондой эле аларды эмгек акыга чыгымдоо, отчет берүүгө берүү жана башка төлөмдөр накталай эмес төлөмдөр жана эсептешүүлөр жолу менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин” 4.1 пункутуна ылайык, акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүнүн (иштердин) тарифтеринин (бааларынын) экономикалык негиздемеси болуп органдын тийиштүү кызмат көрсөтүүлөрдү (иштерди) аткарууга кеткен негизделген чыгымдарынын базасында аныктала турган өздүк нарк эсептелет, бирок **№56 КЛ** тартибинин 4.1 пункутунун талаптарын бузуу менен 2023-жылга түзүлгөн өздүк нарктын калькуляциясында каралбаган чыгымдарга курулуш материалдарга чыгымдалып, демек өздүк нарктын калькуляциясы **229,9 миң сомго** жогорулатуу менен түзүлгөн.

Ошондой эле, **№97 КЛ** калькуляциясында ашыкча чыгымдар каралгандыгына байланыштуу окуу жылы бүткөндө, өздүк нарктын чыгымдалбай калдык болуп 189,1 миң сом калган, демек өздүк нарктын калькуляциясында ашыкча сумма **189,1 миң сомго** жогорулатуу менен түзүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык

кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин” 4.1 пунктунун талаптарын бузууга жол берилбесин.

Негизсиз алынган кирешелер республикалык бюджетке которулсун: №56 КЛ – 229,9 миң сом, №97 КЛ – 189,1 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин” 5.1 пункутуна ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эсептелген, иш жүзүндө аткарылган жумуш үчүн эмгек акыны төлөө. Кызмат көрсөтүүлөрдүн (иштердин) өздүк наркына өзүн-өзү каржылаган мамлекеттик жана муниципалдык органдардын, алардын ведомстволук бөлүктөрүнүн, кызматкерлерине эмгек акы атайын эсептин каражаттарынан штаттык ырааттама менен каралган түзүмдөрдүн гана эмгек акы төлөөгө кеткен чыгымдар кирет. Ошентип, эмгек акыны атайын эсептин каражаттарынан штаттык ырааттамасы түзүлбөстөн **668,0 миң сом** негизсиз төлөнгөн, анын ичинен: **№56 КЛ** - 250 миң сом, **№97 КЛ** - 418,0 миң сом.

**Сунуштама**

Атайын каражаттардан эмгек акы төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибинин” 5.1 пунктунун аткарылышы камсыздалсын, тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Мамлекеттик сатып алуулар**

**Аныкталды жана Корутунду**: “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын:

- 9-беренесин бузуу менен товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү бир булактан сатып алууда жалпы **5 858,1 миң сомго** баалардын мониторинги жүргүзүлгөн эмес, анын ичинде: **№7 КЛ**- 400,5 миң сомго, **№8 КЛ** - 398,5 миң сомго, **№19 КЛ** - 48,9 миң сомго, **№62 КЛ** - 150,0 миң сомго, **№65 КЛ** - 507,9 миң сомго, **№67 КЛ** - 45,3 миң сомго, **№70 КЛ** - 43,4 миң сомго, **№18 КЛ** - 14,3 миң сомго, **№46 КЛ** - 850,7 миң сомго, **№45 КЛ** - 251,5 миң сомго, **№102 КЛ** - 349,0 миң сом, **№29 КЛ** - 200,0 миң сомго, **№33 КЛ** - 25,0 миң сомго, **№58 КЛ** - 7,9 миң сомго, **№72 КЛ** - 48,0 миң сомго, **№109 КЛ** - 174,4 миң сомго, **№115 КЛ** - 212,1 миң сомго, **№41 КЛ** - 135,0 миң сомго, №56 – 367,1 миң сомго, №97 – 1 628,6 миң сомго.

- 10-беренесин бузуу менен сатып алуулар жөнүндө кулактандыруулар электрондук веб-порталга жарыяланбастан, **247,7 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр сатылып алынган, анын ичинен: **№22 КЛ** – 172,8 миң сомго, **№42 КЛ** – 26,9 миң сомго, **№85 КЛ** - 48,0 миң сомго.

**Сунуштама:** Башталгыч кесиптик билим берүү уюмдарында “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып

алуулардын жүргүзүлүшүнө көзөмөл күчөтүлсүн жана мамлекеттик сатып алууларга жооптуу кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу максатында иш-чаралар жүргүзүлсүн;

- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузуу менен, товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Дүйнөлүк Банктын "Келечек үчүн билим берүү" долбоору**

Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы ("ЭӨА") ортосунда 2020-жылдын 7-майында №6563-KG Кредиттик Финансылык Келишими жана №_D573-KG Гранттык Финансылык Келишими түзүлгөн. Ага ылайык, ЭӨА Кыргыз Республикасына 18 200 000 Атайын Карыз Алуунун Укуктары (СПЗ) же 25,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө кредит жана 16 300 000 (СПЗ) же 25,0 млн. АКШ доллары өлчөмүндө грант түрүндө каржылык жардам көрсөтүлүүсү каралган.

Бул Финансылык Келишим Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2020-жылдын 11-июнунда ратификацияланган жана Долбоор 2020-жылдын 1-сентябрында күчүнө кирген. Каржылоо "Келечек үчүн билим берүү" (Долбоор) программасын ишке ашырууга багытталган. №_6563-KG Кредитинин жана №_D573-KG Грантынын төлөм валютасы АКШ доллары (USD) болуп саналат. №_6563-KG Кредитинин жана №_D573-KG Грантынын жабылуу датасы – 2025-жылдын 30-сентябры.

**Долбоордун максаты:**

Кыргыз Республикасынын 2018–2040-жылдарга карата Улуттук өнүгүү стратегиясынын билим берүү секторундагы максаттарына жетишүүгө көмөктөшүү аркылуу:

1. Мектепке чейинки билим берүүгө жеткиликтүүлүктү кеңейтүү.
2. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, анын ичинде социалдык-эмоционалдык жөндөмдөрдү жана адаптивдүү окутууну өнүктүрүү.
3. Окутуу процессине санариптик технологияларды киргизүү.
4. Окуучулардын когнитивдик жана когнитивдик эмес жөндөмдөрүн баалоо тутумун жакшыртуу.

**"Окутуунун негиздерин бекемдөө" долбоору:**

Кыргыз Республикасы менен Эл аралык Өнүктүрүү Ассоциациясы ("ЭӨА") ортосунда 2021-жылдын 13-июлунда №_GPE TF0B6138 Гранттык Финансылык Келишими түзүлгөн. Ага ылайык, ЭӨА Кыргыз Республикасына 4,8 млн. АКШ доллары өлчөмүндө грант түрүндө каржылык жардам көрсөтүлүүсү каралган.

Бул Финансылык Келишим Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2021-жылдын 2-сентябрында ратификацияланган жана Долбоор 2021-жылдын 30-сентябрында күчүнө кирген. Каржылоо "Окутуунун негиздерин бекемдөө" (Долбоор) программасын ишке ашырууга багытталган.

№_ GPE TF0B6138 Грантынын төлөм валютасы АКШ доллары (USD) болуп саналат. №_ GPE TF0B6138 Грантынын жабылуу датасы – 2025-жылдын 31-июлу.

**Долбоордун максаты:**

Долбоордун максаты сапаттуу мектепке чейинки билим берүүгө бирдей укуктуулукту жогорулатуу болуп саналат.

**Аныкталды жана корутунду:** Дүйнөлүк Банктын долбоорлорун координациялоо бөлүмү "Келечек үчүн билим берүү" долбоорун ишке ашырууда 2023-жылы 2023-жылга бекитилген план 13 600 000 АКШ долларын түзсө, 2023-жылы жалпы колдонулган 11 762 363 АКШ долларын түзүп, 1 837 637 АКШ долларына долбоорду ишке ашыруудагы план тапшырмалар өз убагында аткарылбай кечиктирилгендиги үчүн акча каражаты өздөштүрүлбөй калган.

Ал эми "Окутуунун негиздерин бекемдөө" долбоорлорун аткарууда бекитилген план 1 100 000 АКШ долларын түзсө, 2023-жылы жалпы колдонулган 1 032 930 АКШ долларын түзүп, бекитилген планга аткарылган иштердин көлөмү жеткирилбестен, 67 070 АКШ доллары аудит мезгил аралыгында өздөштүрүлбөй калган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги алдындагы Дүйнөлүк Банктын долбоорлорун координациялоо бөлүмү "Келечек үчүн билим берүү" жана "Окутуунун негиздерин бекемдөө" долбоорлорун аткарууда бекитилген пландагы убакытка жана акча каражатына шайкеш иш алып барылсын. Долбоорлорду ишке ашырууда кечиктирилген план тапшырмаларга жана өздөштүрүлбөй калган каражатына жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Азия өнүктүрүү Банкы "Инклюзивдүү өсүү үчүн көндүмдөр" долбоору боюнча**

Кыргыз Республикасын жана Азия өнүктүрүү банкы ортосунда 2017-жылдын 13-декабрындагы түзүлгөн 2 Гранттык макулдашууга кол коюлса, анын ичинен Программадагы 16 пунктан талаптар аткарылса 12000,0 миң АКШ доллар саясий грант Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө, ал эми 18000,0 миң АКШ доллар эмгек рыногунун керектөөлөрүнө жооп берген техникалык кесиптик билим берүү системасын түзүү, анын ичинде ишкердик көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жумшалууга каралган.

**Курулуш-куроо жана оңдоо иштери**

**Аныкталды жана корутунду:** **Курулуш-куроо иштеринин көлөмүн жогорулатуу (көтөрмөлөө) төмөндөгү уюмдарда аныкталган,** анын ичинде:

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинде** аткарылган курулуш иштеринин көлөмдөрү төмөндөгү подрядчылар тарабынан***:***

"Эмгек курулуш" ЖЧКсы Жалал-Абад ш. окуу корпусун куруу боюнча-4 341,4 миң сомго;

-"Эмгек курулуш" ЖЧКсы Жалал-Абад ш. административдик корпусун куруу боюнча -1 748, 2 миң сомго;

- “Строун групп” ЖЧКсы Жалал-Абад ш. №1 жатакананы оңдоо боюнча 93,9 миң сомго;

-“Бетельгейзе” ЖЧКсы Жалал-Абад ш. УТК имаратын оңдоо боюнча 63,3 миң сомго**,** жалпы **6246,8 миң сомго** жогорулатылган.

- “Строун групп” ЖЧКсы тарабынан Жалал-Абад ш. №1 жатакананын оңдоо иштерин аткарууда, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2017-жылдын 15-декабрындагы №11-НПА “Курулуш чөйрөсүндөгү заказчы-курдуруучу жөнүндө жобону жана Курулушта техникалык көзөмөлдөө, көз карандысыз инженердик уюм, техникалык аудит жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө” буйругуна ылайык, техникалык көзөмөлдөөгө тиешелүү жана тажрыйбалуу укуктуу өкүлү бекитилген эмес.

**К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде** подрядчы “Азия прогресс групп” ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин чыгымдарына 4% бирдиктүү салыгы 109,3 миң сом ашыкча эсептелинген.

**С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде** аткарылган курулуш иштеринин көлөмдөрү төмөндөгү подрядчылардан***:***

-“Бек-Таш Курулуш” ЖЧКсы “НМУнун башкы имаратын көрктөндүрүү жумуштарында 8,2 миң сом;

-“МК Строй” ЖЧКсы “Университеттин башкы имаратынын жылытуу тутумун орнотууда” 28,4 миң сом;

-“G&A Company” ЖЧКсы “Университеттин лаборатория имаратынын тышкы фасадын металлосайдинг менен каптоодо” 31,9 миң сом;

-“Бай Эл-Курулуш” ЖЧКсы “Университеттин студенттер үчүн өндүрүштүк-окуу цех имаратына вентилляция жана өрткө каршы сигнализацияларды орнотууда” 138,7 миң сом, жалпы 207,2 миң сомго жогорулатылган.

Мындан сырткары, **Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек университетинде** “Технологиялык жабдуулар” бөлүгүндө каралган эки өндүрүштүк электродуховканын ордуна эки кабаттуу духовка орнотулган.

**Сунуштама:**

Төмөндөгү подрядчылардын эсебинен жогорулатылган курулуш-куроо иштеринин көлөмү калыбына келтирилсин:

- Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде плдрядчылардан:

-“Эмгек курулуш” ЖЧКсынан Жалал-Абад ш. Р. Азимов көч. жайгашкан окуу корпусун куруу боюнча 4 341,4 миң сомго;

-“Эмгек курулуш” ЖЧКсынан Жалал-Абад ш. Р. Азимов көч. жайгашкан административдик корпусун куруу боюнча 1 748,2 миң сомго;

-“Строун групп” ЖЧКсынан Жалал-Абад ш. Токтогул көч. 25 жайгашкан жатакана №1 оңдоо боюнча 93,9 миң сомго көлөмдөрү;

-“Бетельгейзе” ЖЧКсынан Жалал-Абад ш. УТК имаратын оңдоо боюнча 63,2 миң сомго;

- Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек университетинде сметада “Технологиялык жабдыктар” бөлүгүндө каралган өндүрүштүк электро духовканы подрядчы аркылуу өндүрүлсүн;

- К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинде подрядчы “Азия Прогресс Групп” ЖЧКсынан -109,3 миң сом;

- С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде подрядчылар:

- “Бек-Таш Курулуш” ЖЧКсынан -8,2 миң сом;

- “МК Строй” ЖЧКсынан -28,4 миң сом;

-“G&A Company” ЖЧКсынан -31,9 миң сом;

- “Бай Эл-Курулуш” ЖЧКсынан -138,7 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду**

Ош Мамлекеттик университети (мындан ары Ош МУ): менен “ТКК Перспектива” ЖЧКсы ортосунда “Ош шаары Курманжан-Датка көч. №157 жайгашкан 7 кабаттуу клиникасын куруу” боюнча 2023-жылдын 26-июнунда түзүлгөн №831 келишимдин 3.1 пунктунда белгиленген Курулуш иштеринин наркы, смета тууралуу түзүлүшү керек жана смета келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналышы белгиленген.

Аткарылган иштер актыларындагы баалар заказчы менен подрядчы тараптар бекиткен сметага ылайык коюлушу зарыл. Смета жоктугуна байланыштуу аткарылган иштер актыларындагы баалардын коюлушу негизсиз болгондуктан, 165 871,4 миң сомго түзүлгөн аткарылган иштер актылары кайрадан түзүлүшү зарыл жана кезектеги тиешелүү аудиттин алкагында каралууга тийиш.

**Ош мамлекеттик университетинде** аткарылган курулуш иштеринин көлөмдөрү төмөндөгү подрядчылар тарабынан**:**

-“Ош МУнун 5 кабаттуу окуу корпусунун курулушу” объектиси боюнча подрядчы “Жалал-Абад Айылэнерго” ААКсы - 2228,8 миң сомго;

“Ош МУнун 5-кабаттуу окуу корпусунун курулушу” объектиси боюнча подрядчы “Бек Строй ЛТД” ЖЧКсы– 1771,5 миң сомго;

“Ош МУнун №1-жатаканасынын фасадын оңдоо” объектиси боюнча подрядчы “Аман Строй” ЖЧКсы тарабынан – 457,3 миң сомго;

“Ош МУнун №1-жатаканасынын фасадын оңдоо” объектиси боюнча подрядчы “Ак-Бата” ААКсы – 105,2 миң сомго, жалпы 4562,8 миң сомго аткарылган иштердин көлөмү жогорулатылган.

Мындан сырткары, **Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде** “Ош МПУнун 5 кабаттуу окуу корпусунун курулушу” объектиси боюнча субподрядчы “Эми-Нур Строй ЛТД” ЖЧКсы тарабынан – 1084,8 миң сомго, **Кызыл-Кыя шаарынын билим берүү бөлүмүндө** “Т. Иметов атындагы. №7 орто мектебинин от кутусунун курулушу” объектиси боюнча подрядчы “Эршадстрой” ЖЧКсы тарабынан – 83,0 миң сомго аткарылган иштердин көлөмү жогорулатылган.

**Сунуштама:**

1. Ош Мамлекеттик университети (заказчы) **165 871,4 миң сом**го аткарылган иштер актыларынын жокко чыгаруу боюнча чара көрүп, курулуш объектисинин тиешелүү сметасын белгиленген тартипте бекитип, сметага жана эсеп-фактураларга ылайык курулуш иштердин жана курулуш материалдардын баалары туура көрсөтүлүп, кайрадан оңдолгон аткарылган иштердин актылары кабыл алынышы камсыздалсын.

2. Төмөндөгү подрядчылардын эсебинен жогорулатылган курулуш-куроо иштеринин көлөмү калыбына келтирилсин:

- "Жалабат Айылэнерго" ААКсынан ОшМУнун 5-кабаттуу окуу корпусунун курулушу боюнча 2 228,8 миң сом;
- Бек Строй ЛТД" ЖЧКсынан ( субподрядчы) ОшМУнун 5-кабаттуу окуу корпусунун курулушун боюнча 1 771,5 миң сом;
- "Аман Строй" ЖЧКсынан ОшМУнун №1 жатаканасынын фасадын оңдоо иштери боюнча 457,3 миң сом;
- "Ак-Бата" ААКсынан "Ош ш. Курманжан-Датка көч. №157 соттук-медициналык экспертиза жана анатомиялык-патология бөлүмү үчүн окуу корпусун, жер төлөсүн жана биринчи кабатын ылайыкташтыруу менен медициналык корпусун реконструкциялоо жана капиталдык оңдоо иштери" боюнча 105,2 миң сом.

2.1. **Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде** субподрядчы "Эми-Нур Строй ЛТД" ЖЧКсынан "Ош МПУнун 5 кабаттуу окуу корпусунун курулушу" объектиси боюнча 1084,8 миң сом;

2.2. **Кызыл-Кыя шаардык билим берүү бөлүмүндө** "Т. Иметов атындагы. №7 орто мектебинин от кутусунун курулушу" объектиси боюнча подрядчы "Эршадстрой" ЖЧКсынан 83,0 миң сом.

**Аныкталды жана корутунду:**

**Азия Өнүктрүү Банкы аркылуу каржыланып жаткан "Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдик өсүү көндүмдөрү"** долбоору аркылуу каржыланган уюмдарда подрядчылар тарабынан курулуш иштеринин көлөмүн негизсиз жогорулатуулар **2001,1 миң сомго** аныкталган жана аудит учурунда калыбына келтирилген, алар: Ош курулуш колледжинде - 56,7 миң сом, Кызыл Кыя ш. №70 КЛ - 140,1 миң сом, Баткен ш. №57 КЛ"-206,7 миң сом, Ноокат районундагы Кыргыз ата а. №54 КЛ - 95,1 миң сом, Майлуу- Суу ш. №76 КЛ - 350,1 миң сом, Майлуу-Суу ш. Б.Осмонов атындагы колледжинде- 228,4 миң сом, Кара Көл ш. Б.Осмонов атындагы колледжинде -361,7 миң сом, Токтогул ш. №39 КЛ -21,0 миң сом, Бишкек автомобиль –жол колледж-137,4 миң сом, Бишкек шаарындагы техникалык колледжи-128,8 миң сом, Талас ш. Агрардык экономикалык колледжинде-172,4 миң сом, Талас району Көк Ой а. №6 КЛ - 102,7 миң сом.

**Аудиттин жыйынтыктары боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине - отчет;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине - отчет;
- Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине жана Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигине - отчет, жазма буйрук жана сунуштама жөнөтүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына – К. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинде, ижарачы “Кут Бер” ЖЧКсы тарабынан ижара акыга жана электр энергиясына төлөмдөр жүргүзүлбөгөндүгү тууралуу маалымат жөнөтүлсүн.

Төмөндөгү маалыматтар тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлгөндүгү эске алынсын:

- Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине - Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинде жүргүзүлгөн аудит жөнүндө (2025-жылдын 24-апрелиндеги №01-7/672 кат) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ысык-Көл областы боюнча башкармалыгына – 2025-жылдын 17-январындагы №06-15/239 кайрылуунун негизинде №22 Кесиптик лицейде аныкталган аудиттин жыйынтыктары жөнүндө (2025-жылдын 3-февралындагы №01-11/24 кат);

-Талас областынын прокуратурасына - Талас шаардык, райондук жана Бакай-Ата райондук билим берүү бөлүмдөрүндө аныкталган эмгек акыга чегерүүдөгү бузуулар жөнүндө (2025-жылдын 11-мартындагы №01-7/70 кат).

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **П.С. Батиров**